[1]*Ошский Государственный униеврситет, кафедра "Технологии обучения математике, информатике и образовательный менеджмент",e-mail: akeldibekova@oshsu.kg*

[2]*Ошский Государственный униеврситет, кафедра "Бизнес-информатика и математика в экономике", e-mail: tatianazolotareva2018@gmail.com*

В данной работе исследуется процесс подготовки учащихся 9-11 классов к математическим олимпиадам через использование нестандартных задач. Основная цель исследования заключается в разработке методических рекомендаций для учителей, направленных на развитие у школьников навыков решения сложных задач, что является ключевым элементом успешного участия в математических олимпиадах. Цель статьи — дать учащимся базовые инструменты, которые помогут им успешно решать сложные задачи на математических олимпиадах, и подготовить их к будущим достижениям в этой области. В статье рассмотрены основные подходы к решению таких задач, включая методы алгебраических преобразований, индукции, комбинаторики и теории чисел. Представлены примеры задач с детализированными решениями, которые могут быть использованы учителями в учебном процессе. Результаты исследования демонстрируют эффективность внедрения нестандартных задач в образовательную практику, что способствует развитию логического и творческого мышления у учащихся, а также повышению их интереса к математике. Это исследование предлагает практические рекомендации для учителей по использованию задач из олимпиадного фонда в процессе подготовки школьников к интеллектуальным соревнованиям.

Данная статья может служить руководством для молодых учителей математики при подготовке к олимпиадам, конкурсам. Внедрение в учебный процесс нестандартных заданий из олимпийского фонда окажет помощь учителям при формировании знаний и интеллектуальных метаумений учеников, и в целом, в подготовке к участию в олимпиадах.

Литература

1. Мухлаева Т.В. Международный опыт неформального образования. - Человек и образование. – 2010. – № 4. – С. 158–162.
2. Байсалов Дж.У., Келдибекова А.О. Школа олимпийского резерва по математике, как одна из форм дополнительного образования по подготовке школьников к решению олимпиадных задач [Текст] / Дж.У. Байсалов, А.О. Келдибекова // Журнал педагогических исследований. - Москва, 2019. - №4(2). - С. 37-42.
3. Зимняя И.А. Ключевые компетенции – новая парадигма результата современного образования [Электронный ресурс]. – URL: http://www.eidos.ru/journal/2006/0505
4. Келдибекова А.О. Деятельность учителей математики по подготовки учащихся к олимпиадам в рамках школы олимпийского резерва [Текст] / А.О.Келдибекова // Современные проблемы науки и образования. – Пенза, 2017. -№5. – С. 288.
5. URL: https://science-education.ru/ru/article/view?id=26943

ВИЗУАЛИЗАЦИЯ МАГНИТНОГО ПОЛЯ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ЯЗЫКА ПРОГРАММИРОВАНИЯ PYTHON

Матисаков Ж.К.
Ошский технологический университет, e-mail: Matisakov_77_77@mail.ru

Целью нашей статьи является исследование поведения магнитного поля с помощью компьютерной модели, созданной на языке программирования Python.
Для симуляции лабораторной работы "Определения горизонтальной составляющей индукции магнитного поля Земли" на Python создана программа, которая позволяет интерактивно изменять параметры магнитного поля и видеть, как это влияет на его горизонтальные и вертикальные составляющие [1-2]. Для этой задачи мы будем использовать библиотеку matplotlib для визуализации результатов.

Программа позволяет интерактивно изменять параметры магнитного поля и видеть, как это влияет на его горизонтальные и вертикальные составляющие.

На рисунке 1 представлены результаты работы программы. Используя интерактивные виджеты declination_slider = widgets.FloatSlider(value=0, min=-180, max=180), inclination_slider = widgets.FloatSlider(value=0, min=-90, max=90) и intensity_slider = widgets.FloatSlider(value=50000, min=20000, max=80000), можно изменять соответственно, магнитное склонение, магнитную инклинацию и интенсивность получая различные значения горизонтального и вертикального составляющих индукции магнитного поля Земли.



Рисунок 1. Горизонтальная и вертикальная составляющие индукции

Созданная программа использует библиотеку matplotlib для визуализации результатов и включает в себя различные блоки, такие как импорт библиотек, определение констант, функции для расчета и визуализации магнитного поля и построения графиков, а также интерактивные виджеты для изменения параметров и наблюдения результатов в реальном времени.

Литература

1. Бабаев Д. Б., Матисаков Ж. К. Моделирование физических явлений и процессов в VPython // Бюллетень науки и практики. Электрон. журн. 2023. Т. 9. №7. С. 370-374. https://doi.org/10.33619/2414-2948/92/51

2. Бабаев Д. Б., Матисаков Ж. К. Создание виртуальных лабораторных работ по физике в VPython [Текст]. Бюллетень науки и практики. Электрон. журн. 2023. 2023. Т. 9. №7. С. 375-378. https://doi.org/10.33619/2414-2948/92/52

ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ: ЦЕЛЕСООБРАЗНОСТЬ ПОВЫШЕНИЯ КВАЛИФИКАЦИИ УЧИТЕЛЯ МАТЕМАТИКИ

Смагулов Е.Ж.[1], Келдибекова А.О.[2], Мендигалиева Г.Х.[3]
[1]*Жетысуский университет им. И. Жансугурова, e-mail: Smagulovezh@mail.ru*
[2]*Ошский государственный университет, e-mail: akeldibekova@oshsu.kg*
[3]*Атырауский университет им. Х. Досмухамедова, e-mail: guljuzim02@mail.ru*

Актуальность статьи обусловлена тем, что в условиях глобализации, адаптируясь к складывающейся постиндустриальной парадигме, экономические системы переходят к кластерному построению и сетевому способу координации. Инновационные преобразования в экономике стран и развитие общественных отношений обуславливают необходимость совершенствования системы образования и подготовки кадров.

Традиционное образование в Казахстане охватывает больше общенаучных дисциплин, использовало более широкий подход, цель которого – обучить фундаментальным азам науки. Европейский же подход, напротив, основан на получении учащимися узких специализаций, которые востребованы на практике. Таким образом, системе образования постсоюзных республик еще со школьной скамьи возникает конфликт между широкой классической подготовкой учащихся и их узконаправленной профориентацией.

Решение проблемных ситуаций в образовании позволит полноценно решать вопросы повышения качества образования через расширение предметных областей, внедрение интегрированных образовательных программ, разработки специальных проектов работы со школьниками, учителями, родителями, а также полноценного включения в социум людей с ограниченными возможностями здоровья.

Моделирование процесса формирования готовности педагогов позволит принять решение, которое должно быть выработано на основе всестороннего анализа полученных результатов. позволит разработать технологию готовности педагогов и организаций образования к работе в условиях взаимодействия технологий и использованию нормативных и учебно-методических ресурсов.

Литература

1. Байсалов, Дж. У. Подготовка учителя математики к профориентации со школьниками / Дж. У. Байсалов, А. О. Келдибекова. - Ош: Билим, 2014. - 250 с.
2. Далингер, В. А. Избранные вопросы информатизации школьного математического образования: монография. Москва: Флинта, 2011. -150 с.
3. Игнатьева, Э. А. Профессиональное самоопределение студентов: методы поддержки и сопровождения // Вестник Ошского государственного университета. Педагогика. Психология. 2023. № 2(3). С. 45-51.
4. Суханова, Н. А. Личностно-ориентированный подход в профильном обучении как основа индивидуализации образования старшеклассников / Н. А. Суханова // Сибирский педагогический журнал. - № 1. - 2010. - С. 232-238.

РОЛЬ ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА В СОЗДАНИИ АДАПТИВНЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПЛАТФОРМ

Фадеева К.Н.
ФГБОУ ВО «Чувашский государственный педагогический университет им. И.Я. Яковлева, кафедра информатики и технологий, e-mail: fadeevakn@mail.ru

В современном мире образование играет ключевую роль в формировании будущего общества. Осуществление учебной деятельности в условиях информационно-коммуникационной среды позволяет повысить эффективность учебного процесса, уровень подготовки студентов педагогических направлений в области информационных и коммуникационных технологий, помогает систематизировать знания, в значительной мере индивидуализировать обучение [1]. Применение искусственного интеллекта в образовании может привести к созданию адаптивных образовательных платформ, которые будут способны адаптироваться к индивидуальным особенностям каждого учащегося и предоставлять ему наиболее подходящий контент и методы обучения.

Целью данной статьи является анализ роли искусственного интеллекта в создании адаптивных образовательных платформ.

К основным принципам работы адаптивных систем можно отнести: анализ данных об учащихся, персонализацию обучения, обратную связь, автоматизацию рутинных задач, прогнозирование и планирование, оценку эффективности обучения, безопасность и конфиденциальность данных. Данные принципы позволяют создавать персонализированный и эффективный учебный процесс, который учитывает индивидуальные особенности каждого учащегося.

Вместе с тем существуют и ограничения в использовании искусственного интеллекта в образовании: отсутствие необходимой инфраструктуры и технических ресурсов; искусственный интеллект не может заменить человеческое взаимодействие и эмоциональную поддержку, которые играют важную роль в образовательном процессе; нехватка специалистов, способных эффективно использовать и развивать системы на основе искусственного интеллекта.

Адаптивные образовательные платформы на основе искусственного интеллекта могут стать мощным инструментом для повышения качества образования и эффективности учебного процесса. Однако важно учитывать этические аспекты, зависимость от технологий, отсутствие человеческого фактора, необходимость адаптации, технические ограничения и другие факторы при разработке и внедрении таких систем.

Литература

1. Фадеева К.Н. Осуществление подготовки студентов в условиях информационно-коммуникационной среды вуза // Тенденции развития науки и образования. – 2019. – № 47-6. – С. 35-37. – DOI 10.18411/lj-02-2019-124.

БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ ИНФОРМАЦИЯЛЫК-ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ МУЛЬТИМЕДИЯЛЫК КАРАЖАТТАР

Абдималик кызы Ж.[1], Умарбаева З.А.[2], Абдималик кызы Н.[3]

[1]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасы, e-mail: jarkynai.abdimalikova@gmail.com;*

[2]*Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы, фундаменталдык жана табигый-илимий сабактар кафедрасы, e-mail: zulyaumarbaeva@gmail.com;*

[3]*Ош мамлекеттик университети, STEM инновациялык колледжи, информациялык-коммуникациялык дисциплиналар цикл, e-mail: nurzhankg_93@mail.ru*

Тезис билим берүү процессиндеги мугалимдердин кесиптик компетентүүлүгүн калыптандырууга арналган. Информациялык-технологиялык компетентүүлүктү калыптандыруу менен окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өстүрүгө, интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачууга багытталат. Анткени, инновациялык технологияларды колдонуу менен окутуунун интерактивдик методдорун пайдалануу заманбап окутуунун башкы талабы[1]. Информациялык-технологиялык компетентүүлүктү калыптандырууда мультимедиялык каражаттардын жардамында түзүлгөн тапшырмалардын өзгөчөлүгү жана аларды колдонууну максатка ылайык. Электрондук түрдө берилген тапшырмаларды аткаруу аркылуу компьютерде иштөө жөндөмдүлүгү жогорулайт жана тапшырмаларды сактоо, текшерүү, кайтарым байланышты жүргүзүү ыңгайлуу. Информациялык-технологиялык компетенттүүлүктү практика аркылуу гана өнүктүрүүгө болот. [2]

Ошондуктан, мугалим тарабынан берилген тапшырмалар практика түрүндө аткарыла тургандай болуу керек. Бир канча мультимедиялык каражаттар жана аларда түзүлгөн интерактивдик тапшырмаларды даярдоонун жолдору жана артыкчылыктары макалада көрсөтүлгөн. [3,4]

Адабияттар

1. Келдибекова А.О., Исаева А.Т., Келдибеков Э.Н., ж.б. Онлайн-программы для дистанционного обучения математике в вузе // Журнал естественнонаучных исследований. 2024. Т. 9. № 1. С. 6-11.
2. Келдибекова А.О., Золотарева Т.А. Особенности применения информационных технологий на уроках // Наука. Образование. Техника. 2017. № 3-4 (60). С. 50-54.
3. Зулпукарова Д.И., Абдималик К.Н. Электрондук окуу китептери - окуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуучу каражат катары // Вестник Ошского государственного университета. 2020. № 1-1. С. 201-208.
4. Абдималик кызы Н., Абдималик кызы Ж., Зулпукарова Д.И. Электрондук окуулуктарды SAN RAW BOOK OFFICE каражатынын жардамында иштеп чыгуунун ыкмалары // Вестник Ошского государственного университета. 2023. № 1. С. 41-50.

БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН БАШКАРУУДАГЫ ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР

Авазова Э.Т.
Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы,
e-mail: avazova@oshsu.kg

Натыйжалуу башкарууну камсыз кылуучу негизги элемент болуп жетишилген билим берүүнүн натыйжалары, алардын ченемдик-укуктук талаптарга, социалдык жана жеке күтүүлөргө шайкештик даражасы жөнүндө ишенимдүү жана салыштырылуучу маалыматтардын негизинде билим берүүнүн сапатын баалоо саналат. «Билим берүүнүн сапаты» түшүнүгү билим берүү процессин компетенттүү башкаруунун эң маанилүү жыйынтыктоочу мүнөздөмөсү болуп саналат.

Жогорудагы милдеттердин бардыгы маалыматтык технологиялардын негизинде чечилиши керек. Академик В.Н. Глушкованын аныктамасы боюнча "информациялык технологиялар - бул маалыматты иштетүү менен байланышкан процесстер".

Бүгүнкү күндө жеткиликтүү информациялык технологияларды эске алуу менен, биз эң маанилүү мүнөздөмөлөр катары төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

1. Башкаруу иштерин автоматташтыруу жана информациялык камсыздоо кызматын түзүү.
2. Окуу процессин көзөмөлдөөнүн эффективдүү системасы.
3. Билим берүү мониторингин ишке ашыруу.

Жалпы кабыл алынган концепцияга ылайык, билим берүү мониторинги – бул педагогикалык системанын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды чогултууну, сактоону, иштеп чыгууну жана жайылтууну уюштуруу, анын абалына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана анын өнүгүшүн болжолдоо системасы.

Билим берүү мониторингин иштеп чыгууда биз профессордук-окутуучулук курам үчүн артыкчылыктуу маалымат багыттарын белгилейбиз:

1. Студенттерге жеке багытталган мониторинг.
2. Класстык топтордун рейтингдик мониторинги.
3. Билим сапатына жеке мониторинг (студенттер жана мугалимдер үчүн).
4. Педагогикалык кадрлардын диагностикасы.

Ошентип, биз компьютердик тармак түрүндөгү бирдиктүү информациялык системаны түзүү жана пайдалануу жана маалыматты чогултуунун жана берүүнүн автоматташтырылган жол-жоболорун киргизүү, маалыматты иштеп чыгуунун бирдиктүү стандарттык жол-жоболорун жана формаларын киргизүү маалыматтын сапатын жогорулатууга жардам берет деп ойлойбуз.

Информациялык технологияларга негизделген билим берүү мониторинги биздин окуу жайда билим берүүнүн сапатын эффективдүү башкарууну камсыздайт деп ишенебиз.

Адабияттар

1. Алтыбаева М. Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долбоорлоо маселелери: Окуу-методикалык колдонмо. - Ош, 2018. -224 б.
2. Билим берүүдөгү онлайн платформаларды колдонуу. Методикалык колдонмо/ М. Алтыбаеванын редакциясы алдында. - Ош, 2022. 223 б.
3. Современные информационные технологии и ИТ-образование. Т. 1 (No 11),2015. — 638 с. (ISSN 2411-1473)

ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ОЮНДАРДЫ ТҮЗҮҮ ЖАНА АНЫ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН КОЛДОНУУ

Азимов Б.А.[1], Абдивоситова А.Г.[2],Мамаев Э.Т.[3]

[1]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: azimov@oshsu.kg;*

[2]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: aabdivositova@oshsu.kg;*

[3]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: eshnazar.mamaev@gmail.com*

Бүгүн мен сиздерге "Мектеп окуучулары үчүн интеллектуалдык оюндарды түзүү жана аларды сабактарда колдонуу" темасындагы макаланы сунуштоого кубанычтамын. Заманбап билим берүү дүйнөсүндө мектеп окуучуларын активдүү окутууга жана өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү инновациялык методдорду иштеп чыгуу жана колдонуу барган сайын маанилүү болуп баратат. Мындай ыкмалардын бири - интеллектуалдык оюндарын колдонуу.

Оюндар окуучулардын көңүлүн буруу жана ой жүгүртүү жөндөмүн стимулдаштыруу үчүн күчтүү курал болуп саналат. Алар окуу процессин кызыктуу жана интерактивдүү кылып гана тим болбостон, сынчыл ой жүгүртүүнү, көйгөйлөрдү чечүүнү окуучулар арасында тайпада иштөөнү, чечим чыгарууну жана мээнин жакшы иштөөсүн өркүндөтөт.

Интеллектуалдык оюндар окутуунун индивидуалдаштыруусуна да салым кошуп, мугалимдерге оюн тапшырмаларын ар бир окуучунун деңгээлине ылайыкташтырууга жана алардын жеке муктаждыктарын эске алууга мүмкүндүк берет.

Оюндарды билим берүүдө колдонуу окуучулар өздөрүн ишенимдүү сезе турган, активдүү катышып, эксперимент жана жаңы түшүнүктөрдү эркин үйрөнө алган позитивдүү окуу чөйрөсүнө өбөлгө түзөт.

Жалпысынан алганда, интеллектуалдык оюндар окуучулардын билимин жогорулатуу жана өнүктүрүү үчүн зор мүмкүнчүлүктөрү бар. Аларды андан ары өнүктүрүү жана мектеп практикасында колдонуу заманбап дүйнөгө жана анын чакырыктарына даяр, компетенттүү жана чыгармачыл инсандардын калыптанышына өбөлгө түзөт.

Адабияттар

1. Анхимюк В.Л., Олейко О.Ф., Михеев Н.Н. «Теория автоматического управления». – М.: Дизайн ПРО, 2002.
2. Богданова О. Ю., Маранцман В. Г. Методика преподавания литературы. В 2 ч. – М.: Просвещение, 1994. – Ч.1 - 288с.; Ч.2 – 288с.
3. Долбилова Ю. В. Нетрадиционные и игровые уроки по литературе. – Ростов н/Д., 2010. – 285 с.

БИОЛОГИЯНЫ ОКУТУУДА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Айтбай кызы А.[1], Кудайбердиева Н.А.[2], Атакулова Б.М.[3]
[1]*Ош мамлекеттик университети, информациялык системалар жана технологиялар кафедрасы, e-mail: 79aaika@mail.ru;*
[2]*Ош Технологиялык Университети, e-mail: aitbaeva@mail.ru;*
[3]*Ош Мамлекеттик Университети, e-mail: begimaiatakulova@gmail.com*

Маалыматтык автоматташтыруу коомунда маалымат технологиялары билим берүү процессинде маанилүү ролду ойнойт. Анткени алар окутууну визуалдык, жеткиликтүү жана интерактивдүү кылууга мүмкүндүк берет. МКТ татаал биологиялык процесстерди көрсөтүү жана моделдөө аркылуу окутуунун сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт. Биологияны окутууда МКТнын актуалдуулугу заманбап билим берүү процессинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) колдонуу барган сайын актуалдуу болуп баратат. Биологияны окутууда МКТ негизги ролду ойнойт, анткени алар окуу материалын визуалдык, интерактивдүү жана ар кандай кабылдоолору бар окуучулар үчүн жеткиликтүү кылуу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшөт. Технология татаал биологиялык процесстерди моделдөөгө, виртуалдык лабораторияларды жүргүзүүгө жана билимди интерактивдүү түрдө текшерүүгө мүмкүндүк берет, бул окутууну натыйжалуураак жана мотивациялуу кылат.

Бул макалада биз биологияны окутууда маалыматтык технологияларды колдонуунун өзгөчөлүктөрүн карап чыгабыз. Биологияны окутууда маалыматтык технологияларды колдонуунун актуалдуулугу инсандын социалдык маанилүү сапаттарын калыптандыруу, коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн жана маалыматтык маданиятын өнүктүрүү зарылчылыгы менен шартталган. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) окутуунун сапатын жогорулатат, көрүнүктүүлүктү камсыз кылат жана объекттердин маанилүү жактарын чагылдырат.

Адабияттар

1. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. – Б., «Бийиктик», 2011.
2. Жолборсова А. Информационно-коммуникативные технологии в образовательном процессе// “Ж. Баласагын атын. КУУнун жарчысы 2017, - 147 б
3. Субанова М.С., Сатубаева А.С. Биология: Окутуу технологиялары. Сабактын иштелмелери. «Аракет-принт», –Б., 2013.
4. Розов Н.Х. Некоторые проблемы применения компьютерных технологий и технологий при обучении в средней школе // Вестник МГПУ. Серия “Информатика и информатизация образования” № 1 – М.: МГПУ, 2003., с. 102-106.

LEARNINGAPPS ЭЛЕКТРОНДУК ОКУТУУ СЕРВИСИН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДА КОЛДОНУУ: МИСАЛДАР ЖАНА НАТЫЙЖАЛАР

Айтбай кызы А.[1], Тажикбаева С.Т.[2], Кудайбердиева Н.А.[3]

[1]Ош мамлекеттик университети, информациялык системалар жана технологиялар кафедрасы, e-mail: 79aaika@mail.ru;

[2]Ош мамлекеттик университети, информациялык системалар жана технологиялар кафедрасы, e-mail: stajikbaeva@oshsu.kg;

[3]Ош Технологиялык Университети, e-mail: aitbaeva@mail.ru

Заманбап адамдын күнүмдүк жашоосунда мобилдик аппараттар жана технологиялар ажырагыс бөлүгү болуп калды. Маалыматтык технология өнүгүп жана турмуштун уламдан-улам көбүрөөк тармактарын камтып жатат Ар кандай гаджеттерде түрдүү электрондук тиркемелерди колдонобуз. Бул колдонмолор адамдар аралык баарлашуу жана көңүл ачуу үчүн гана эмес, ошондой эле окутуунун натыйжалуу каражаттары катары да колдонулат.

Демек, заманбап окуу чөйрөсүн түзүү үчүн мугалим жаңы электрондук билим берүү ресурстары, мүмкүнчүлүктөрү менен таанышуу жана аларды окуу процессинде колдонууга ылайыкташтыруу керек.

Азыркы учурда, бир катар электрондук билим берүү платформалары бар. Алардын ичинен LearningApps.org интерактивдүү модулдар аркылуу үйрөтүүнү жана окутууну колдоо үчүн иштелип чыккан онлайн билим берүү кызматы. Ал видео, пазл, кроссворд, оюндар, викториналар жана тесттик тапшырмалар сыяктуу түрдүү окуу материалдарын түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул материалдарды сабактын ар кандай этаптарында, анын ичинде билимди жаңылоодо, жаңы материалды өздөштүрүүдө, кайталоодо жана суроо коюуда колдонсо болот.

Билим берүүдөгү LearningApps өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Студенттин мотивациясын жогорулатып, таанып-билүү активдүүлүгүн стимулдай турган оюн түрүндө билимди текшерүү жана бекемдөө боюнча интерактивдүү тапшырмалар.
- Студенттердин өзгөчөлүктөрүнө жана колдонулган окуу-методикалык комплекстерге ылайык келген өз алдынча дидактикалык материалдарды түзө билүү.
- Интерфейстин жана ресурстардын чоң коллекциясы менен иштөө жөндөмдүүлүгүнүн аркасында жөнөкөйлүгү жана колдонуу оңойлугу.
- Студенттердин тапшырмаларды биргелешип чечүү жана өз билимдерин оюн жолу менен текшерүү үчүн эсептерди түзүү жөндөмдүүлүгү.
- Студенттердин ишин көзөмөлдөө жана окутуучунун комментарийлери аркылуу пикир билдирүү мүмкүнчүлүгү.

Жыйынтык: LearningApps.org программасын билим берүү тармагында колдонуу окутуучулар жана студенттер үчүн көптөгөн артыкчылыктарды берет. Кызмат студенттердин когнитивдик кызыгуусун өнүктүрүүгө жана мотивацияны жогорулатууга жардам берген интерактивдүү тапшырмаларды түзүүгө мүмкүндүк берет.

Адабияттар

1. Мерецков О.В. Применение ИКТ в ВУЗе. учебное пособие 2019, - 64 б.
2. Жолборсова А. Информационно-коммуникативные технологии в образовательном процессе// “Ж. Баласагын атын. КУУнун жарчысы 2017, - 147 б

АТАЙЫН КӨНҮГҮҮЛӨР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР АРКЫЛУУ ОНЛАЙН ТИРКЕМЕЛЕРДИ БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ИНТЕГРАЦИЯЛОО

Алтыбаева М.[1], Ырысбаева А.[2]
[1]*Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы,*
e-mail: maltybaeva@oshsu.kg;
[2]*Ош мамлекеттик педагогикалык университети, информатика жана жаңы маалыматтар технологиясы кафедрасы, e-mail: aisyrga160209@mail.ru*

Учурда онлайн тиркемелерди билим берүү процессине интеграциялоо билим берүү системасындагы эң маанилүү тенденциялардын бири болуп калды. Атайын көнүгүүлөр жана тапшырмалар аркылуу бул тиркемелерди эффективдүү колдонуу, билим берүүнү жеткиликтүү жана кызыктуу кылуу менен бирге, окутуунун сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт. Онлайн тиркемелердин билим берүү процессине интеграциялоо ыкмаларын табуу жана алар үчүн атайын көнүгүүлөрдү иштеп чыгуу биздин изилдөөнүн максаты болуп саналат.

Онлайн тиркемелер төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ:

- интерактивдүү жана визуалдык материалдардын жардамында окуу материалынын өздөштүрүлүшү өркүндөтүлөт;
- окуу процессин жүрүшүн башкарууну оптималдаштырат;
- окуучулардын активдүүлүгүн, кунттуулугун, кызыгуусун арттырат;
- платформалар жеткиликтүү жана ийкемдүү;

Интеграциялоонун ыкмалары:

- атайын тандалган көнүгүүлөр аркылуу тиркемелерди окутуу процессине ылайыкташтыруу;
- дисциплиналар аралык интеграциялоо;
- технологияларды интеграциялоо;
- социалдык интеграциялоо.

Онлайн тиркемелердин билим берүүгө интеграциялоону ишке ашыруу:

- тиркемелерди ар бир предметке ылайыкташтыруу жана көнүгүүлөрдү пландаштыруу.
- окутуу процессине кайтарым байланыш киргизүү үчүн тиркемелердин баалоо функцияларын колдонуу.

Атайын көнүгүүлөр жана тапшырмалар аркылуу онлайн тиркемелерди билим берүү системасына интеграциялоо, заманбап билим берүү процессин жаңы деңгээлге чыгаруу менен окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт.

Адабияттар

1. Муратов А., Акматов К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары. Бишкек, 2021. 44-58 б.
2. Билим берүүдө онлайн платформалар/Методикалык колдонмо. г.Ош, ОшМУ. 2022

ОКУТУУ НАТЫЙЖАЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ БОЮНЧА ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШТЕРДИН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Алтыбаева М.[1], Сооронбаева К.А.[2]
[1]Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы,
e-mail: maltybaeva@oshsu.kg;
[2]Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы,
e-mail: kasooronbaeva@gmail.com

Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн негизги артыкчылыктуу багыттарынын алдыңкы сабында максат менен натыйжанын дал келишине өзгөчө көнүл буруу белгиленген. Билим берүүнүн мамлекеттик жана предметтик стандарттарындагы окутуунун натыйжасына жетүү ар бир педагогдун башкы милдети болуп, алардын билим берүүнүн мазмунуна гана эмес, билим берүүнүн натыйжасына дагы басым жасашы маанилүү» деп белгиленген.

Изилдөөдө билим берүү процессин окутуу натыйжаларына багыттап уюштуруунун жыйынтыгында магистранттардын билим деңгээлинин өзгөрүшүн эксперименттен өткөргөндөн кийинки натыйжалар чагылдырылат. НББПны долбоорлоо, МББС, нормативдүү база, НББПнын структурасы, НББПны ишке ашыруу боюнча материалдар аркылуу окуу процессин компетенттүүлүк деңгээлде уюштуруунун негизинде сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууга багытталган методикалык-практикалык сунуштар берилди.

ОНдорду долбоорлоонун жана баалоонун методикасы иштелип чыгып, ал угуучуларда 6 кадамдан турган иш аракеттердин удаалаштыгын аткаруу аркылуу ишке ашты. Изилдөө “Физика-математикалык билим берүү” багыты боюнча окуу дисциплиналарынын алкагында жүргүзүлдү. Эксперменттин жүрүшүндө окуу планындагы ар бир дисциплинанын окутуу натыйжаларын иштеп чыгууну, окутуу натыйжаларын калыптандыра тургандай мазмунду, окутуу технологияларын тандап алууну жана жетишилген окутуу натыйжаларын баалай турган каражаттарды иштеп чыгууну калыптандыруу методикасы сыноодон өткөрүлдү. Натыйжада сунушталган методиканын натыйжалуулугу тастыкталды жана магистранттардын жетишүү көрсөткүчтөрү жакшырды. Изилдөөнүн жыйынтыктары билим берүү программасынын жетекчилерине, окутуучуларга билим берүү программаларын, дисциплиналардын окуу программаларын жакшыртуу үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

Адабияттар

1. Алтыбаева, М., Сооронбаева, К.А. Разработка оценочных средств образовательных программ // Науч. обозрение. Пед. науки. – 2022. – № 5 – 15–19-б.

2. Алтыбаева, М., Сооронбаева, К.А. Билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларынын анын максаттарына жана улуттук квалификациялык алкактын структурасына шайкештиги // Наука и новые технологии, инновации Кыргызстана. – 2022. – № 5 – 87–92-б.

3. Исаков, Т. Э. Жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окутуунун натыйжаларын иштеп чыгуунун усулу // ОшМУнун жарчысы. Педагогика. Психология. – 2023. – № 2(3). – 52–57-б.

4. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы [Текст]. – Бишкек, 2021. – 23 б.

ОРТО МЕКТЕПТИН АЛГЕБРА ЖАНА АНАЛИЗДИН БАШТАЛЫШЫ КУРСУНДА “ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕНДЕМЕЛЕР” ТЕМАСЫН ОКУТУУДА ПРОБЛЕМАЛЫК ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫН ИШКЕ АШЫРУУ

Аттокурова А.Дж.[1], Кадырова А.Т.[2]

[1]*Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы, e-mail: aattokurova@oshsu.kg;*

[2]*Ош мамлекеттик университети, физика-математика жана кесиптик циклдер кафедрасы, e-mail: akadyrova@oshsu.kg*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында билим берүү натыйжасы иретинде окуучулардын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу милдети коюлган. Ушул эле документте негизги компетенттүүлүккө окуучулар, эгерде окуу процессинде окуучунун өз алдынчалуулугу жана жоопкерчилиги камсыздалса, окуучулар билим берүүнүн ар кандай түрлөрү менен катар долбоорлук, изилдөөчүлүк, социалдык иштерди жүргүзүүгө тартылса, окуучуларга максаттарды коюуга жана аларга жетишүү тажрыйбасына ээ болушуна өбөлгө болгон жагдайлар түзүлсө гана ээ болот - деп белгиленет. Математика боюнча компетенттүүлүк мамилеге негизделген предметтик стандарттарды өздөштүрүү үчүн салттуу сабактар менен катар заманбап технологиялар, ошондой эле долбоордук жана изилдөөчүлүк иштерди аткаруу сунушталат.

Жумуштун максаты орто мектептин 11-классында алгебра жана анализдин башталышы курсундагы “Дифференциалдык тендемелер” темасын окутууда окуучулардын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча проблемалык окутуу технологиясын иштеп чыгуу, анын ичинде окуучулардын изилдөөчүлүк иштерин уюштуруу.

Проблемалык окутуу билим берүү программасын өздөштүрүүнүн базасында теориялык жана практикалык мүнөздөгү проблемалык маселелерди чыгаруу процессине окуучуларды катыштырууда турат. Проблемалык окутуунун белгилери: проблеманы чечүүдө окуучуда билим жана тажрыйба жетишпейт; окуучуда проблеманы чечүүгө ынтызарлык бар; окуучуга суроо коюлат; окуу материалы даяр түрдө берилбейт.

Жыйынтыктап айтканда, проблемалык окутууда предметтик ички жана сырткы байланыштар ишке ашып билимдер аң-сезимдүү кабыл алынат жана колдонулат.

Адабияттар

1. Алгебра жана анализдин башталышы. Орто мектептин 10-11-класстары үчүн окуу китеби / А.Н.Колмогоровдун редакциялоосунда. – Бишкек: Мектеп, 2003. -185 б.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015. – 384 б.
3. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. – Бишкек, 2022. – 18 б. https://edu.gov.kg/media/uploads/2022/09/09/zijlce.pdf

ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДАГЫ ФИЗИКА АДИСТИГИНИН СТУДЕНТТЕРИНИН STEM-БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ИШКЕ АШЫРА АЛУУСУНА ДАЯРДООГО КОМПЛЕКСТҮҮ МАМИЛЕ ЖАСОО

Бабаев Д.Б.[1], Төрөгулова Р.А.[2]
[1]*Билим берүүдөгү заманбап маалыматтык технологиялар институту,*
e-mail: babaev.dolon@mail.ru;
[2]*Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети,*
e-mail: rtorogulova@mail.ru

Табигый, математика, физика жана информатика илимдеринин дисциплиналарын окутуунун мазмунуна карата жаңы талаптардын, практикалык жана долбоордук маселелерди чечүүгө багытталган жалпы билим берүү технологиялары боюнча иш билги, теориялык жана эмпирикалык изилдөөлөрдүн жалпыланган көз караштарын даярдоо боюнча жалпы мамилени толук ишке ашыра ала турган болочок мугалимди даярдоо маалыматтык коомдун шартындагы зарыл талаптарынын бири экендиги талашсыз.

Бүгүнкү күндө билим берүү министирлигинин жүргүзүп жатакан иштеринин мисалында STEAM -билим берүүнүн ар кандай вариацияларын мектеп мугалимдерине окутуп үйрөтүү боюнча күчөтүлгөн курстук окуулар жүргүзүлүп жатат.

Жалпы орто билим берүү программасына ылайык, профилдердин курамын 4 вариантка, технологиялык, табигый-илимий, гуманитардык, социалдык-экономикалык жана универсалдуу деп ажыраттуга болот. Кесиптик иштин актуалдуу чөйрөлөрүнө профилдердин терең багытталышы, технологиялык профилди киргизүү жана физика сабактарын универсалдуу профилдин бир вариантында башка прндметтерге кошуп окутууга байланышкан, кийинки вариантта бардык табигый илимдердин табигый илимге алмаштырылышы, элективдүү курстарды тандоо боюнча башка шарттардын болушу, физика предмети бүтүндөй табигый илим сыяктуу милдеттүү предмет катары болбой калган учурларга байланышкан көйгөйлөр бар.

Мына ошондуктан, бул жолу биз, бүгүнкү күндө жалпы орто-билим берүү системасында кызуу талкуу жаратып жаткан STEM-билим берүү программасын ишке ашырууга жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын мамилеси жана даярдыгы, анын ичинде физика адистигинде окуп жаткан болочок адистердин бул программаны канчалык деңгээлде өздөштүрүп жаткандыгын изилдөөнү максат кылып тандап алдык.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку педагогикалык билим берүү системасында бакалаврларды даярдоодо табигый илимдердин жана "технологиянын" интеграцияланган курстарын иштеп чыгуу, мектеп окуучуларын окутуунун теориясы жана практикасы боюнча мугалимдер үчүн магистрдик программаларды иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

Адабияттар

1. Скворцов, С. А. "Заманбап мектептеги предметтер аралык байланыштар: практика жана методология" Новосибирск: Издательство НГТУ. 2023- 27стр.
2. Ибирайым кызы А. «Алгоритмдин жашоодо колдонулуштары». – Б., 2019.
3. Усенов К.Ж, Төрөгүлова Р.А, Тойчуева Б.Э, "Математика жана информатика предметин, предмет аралык байланышта окутуунун педагогикалык негиздери" Вестник ЖАМУ 2024

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИ ДҮЙНӨЛҮК ЭЛ АРАЛЫК ТИЛДЕРГЕ КАРАТА ИНТЕГРАЦИЯЛОО КОНЦЕПЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

Байзаков А.Б.[1], Шаршенбеков М.М.[2]
КР УИА математика Институту, e-mail: asan_baizakov@mail.ru;

Бул макалада кыргыз тилиндеги илимий-техникалык терминдерди өнүктүрүүдөгү, бирдей түргө келтирүүдөгү ар кандай көйгөйлөр жана мындай терминдерди дүйнөлүк эл аралык бай тилдерге карата интеграциялоонун кээ бир ыкмалары, методикасы сунушталды. Авторлордун көз карашы боюнча кыргыз илимий-техникалык терминдерин калыптоодо дүйнөдөгү илимий-техникалык маалыматка бай тилдерге ыктоо зарыл.

Кыргыз илимий-техникалык терминдерди калыптоодо базалык сөздөрдү орус тилинен гана албай, башка ири, бай тилдерден тикеден-тике түзүү керек. Ошондо, базалык сөздөргө, кыргыз тилинде уңгуларды улаганда сөздөгү муундар кыскарат. Далил катары, орус тилиндеги «система» сөзү кыргызча «система» деп кабыл алынган. Анда, «в системах» - «системалардагы» болот. Эгерде системаны, биз англис тилиндеги «system» ди «систем» деп алсак, анда «в системах» - «системдердеги» болуп бир муун кыскарат. Орусча «телевизор» кыргызча деле «телевизор» болуп жүрөт. Эгер англисче «TV» ни биз «ТВ» десек, сөз кыскарып дурус болмок. Бул терминдерди калыптоодогу биз сунуш кылган концепциянын экинчи моменти болот. Айтмакчы,[3] китебинин авторлору “Илим тилибиз нуска, кыска болсун!” деп чакырык таштап, бул концепцияны демилгелеген жана конкреттүү мисалдарга колдонушкан.

Илимий-терминдерди калыптандырууда, бир эле терминдин бир нече котормого ээ болуусу окурмандарды, мугалимдерди, илимий кызматкерлерди ж.б. ар кандай кесип ээлирин адашууларга алып келип жатат[1,2]. Ошону менен бирге, терминдин көп которулушка ээ болуусу эл арасында талаш-тартыштарды жаратып, ойлордун ар тарапка бөлүнүп кетишине дуушар кылууда.

Деги эле, терминдердин сөздүгүн түзүү өтө татаал жана аны түзүүдө кемчиликтер, мүчүлүштүктөр кезикпей койбойт. Эгерде бирдиктүү терминдер базасы калыптанса, биз мындай көйгөйлөрдөн арылат элек. Демек, жыйынтыктап айтканда, бизге илимий-терминдердин бир түрдө калыптануусу же бир терминологияга келиши үчүн мамлекеттик стандартты киргизүү, административдик таасир колдонуу (коомдук башталышта болсо дагы) жана илимий-техникалык терминдерди калыптоонун борборун Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдында түзүү зарылдыгы турат.

Адабияттар

1. Нагибин Ф.Ф., Конин Е.С. Математикалык сандыкча / Котор. Нарынбек Шаршенов. – Ф.: Мектеп, 1988. – 156 б.

2. Жаныбеков Ч.Д., Усубакунов Р. Математикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү. Русско-киргизский словарь математических терминов. – Бишкек: Илим, 1996. – 140 б.

3. Камчыбеков Т.К., Кыдыралиев С.К., Урдалетова А.Б. Финанс жана инвест эсептер.- "TURKUAZKEY AKADEMIK YAYINLAR., Araştırma Kitaplar Dizisi, Sosyal Bilimler, 2022/34, ISNB 978-625-6379-15-2. Manisa."Бишкек, 2022.- 256 б.

МАТЕМАТИК СТУДЕНТТИН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ КОНТЕКСТИНДЕ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫ

Борбоева Г.М.[1], Юлдашева Ф.Ш.[2], Юлдашева З.Ш.[3]
[1]*Ош мамлекеттик университети, математика, алгебра жана геометрия кафедрасы, e-mail: gborboeva@oshsu.kg*
[2]*Ош мамлекеттик университети, магистратура e-mail: fyldasheva@gmail.com*
[3]*Ош мамлекеттик университети, магистратура e-mail: zyldasheva@gmail.com*

Учурда туруктуу өнүгүүгө жетишүүдө билим берүү башкы ролду ойной тургандыгы анык. Ал БУУнун көптөгөн документтеринде түздөн-түз “Өзгөрүүнүн чечүүчү фактору” деп аталат. Туруктуу өнүгүүгө өтүүнүн чечүүчү фактору катары билим берүүнүн жана тарбиялоонун кеңири таанылышы жана ага тыгыз байланышкан агартуучулук – кылымдын башында туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү феноменинин пайда болушуна алып келди.

Туруктуу өнүгүү – бул келечек муундардын өз керектөөлөрүн канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө доо кетирбестен азыркы замандын керектөөлөрүнө жооп берген өнүгүү [1].

Республикабызда өзгөчө макамга ээ болгон жогорку окуу жайлары кесиптик билим берүү стандартын өз алдынча иштеп чыгуу укугуна ээ болушкандыктан, Ош мамлекеттик университеттинде “ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобо” [2] түзүлүп, анда билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчү ээ болууга тийиш болгон төмөнкү жалпы компетенциялар көрсөтүлгөн: тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр; улуттук жана жалпы адамзаттык баалулуктар; soft skills (жумшак көндүмдөр); STEM көндүмдөр. Ошону менен катар жалпы кесиптик, кесиптик компетенцияларды өз алдынча иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү программаны жүзөгө ашыруучуларга берилди.

Ошондуктан учурдагы билим берүү тенденциясын эске алуу менен жогорку кесиптик билим берүүдө математик-студенттин туруктуу өнүгүү шартында ээ болууга тийиш болгон, “университет 4.0” моделине туура келүүчү, 21-кылымда калыптандырылуучу көндүмдөрүнө ылайык төмөндөгүдөй кесиптик компетенциялар сунушталды:

- курчап турган чөйрөнүн өзгөрүүсүнүн кесепеттерин талдоо, алдын алуу жана жокко чыгаруу үчүн математикалык моделдерди колдоно алат;
- туруктуу өнүгүүгө жетишүүгө багытталган долбоорлорго математикалык моделдерди интеграциялоонун практикалык көндүмдөрүнө ээ;
- математиканы экология, экономика жана социалдык статистика менен байланыштырууну шарттоочу кросс-дисциплинардык мамилени түзө алат.

Адабияттар

1. Насырова А. ж.б. Инновациялык педагогикалык технологиялар жана STEM билим берүүсүнүн негиздери. Окуу куралы. – Бишкек, 2023, 198-б.
2. ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобо. – Ош, 2024. 95 б.

“ЖӨНӨКӨЙ САНДАР” ЖАНА “КУРАМА САНДАР” ТҮШҮНҮКТӨРҮН КИЙРҮҮ ЖОЛДОРУ

Борбоева Г.М.[1], Каныбекова Н.[2], Замирбек кызы Н.[3], Жолдошова А.О.[4]

[1]*Ош мамлекеттик университети, алгебра жана геометрия кафедрасы, e-mail: gborboeva@oshsu.kg;*

[2]*Ош мамлекеттик университети, “Билим” лицейи, e-mail: nkanibekova@oshsu.kg;*

[3]*Ош мамлекеттик университети, магистрант, e-mail:nzamirbekkyzy@ gmail.com;*

[4]*Ош мамлекеттик университети, магистрант, e-mail:ajoldoshova@gmail.com*

Окуучулар объектилердин касиеттерин жана катыштарын аларды активдүү пайдаланууда тааный башташат. Таанып-билүү ишмердигинин ар бир деңгээлинин өзгөчөлүгүнө жараша окуучуларда билимдердин кору топтоло берет. Бул кордук топтом өз кезегинде түрдүү объектилердин жана алардын касиеттерин тереңирээк үйрөнүүгө шарт түзөт. Мындай таанып-билүү илимий билимдердин калыптанышына негиз болуп берет. Илимий билимдердин негизги элементтеринин бири болуп, түшүнүктөр эсептелинет. Түшүнүк өзү татаал жана жогорку абстрактуулукта болгондуктан, ага илимий жактан түрдүү аныктамалар берилип келет. Адамдын жашоосунда турмуштук жана илимий түшүнүктөр калыптанат. Эгерде булардын биринчиси эрксиз пайда болсо, экинчиси атайын билимдерге таянууну талап кылат [1].

Бул эмгекте илимий түшүнүктөр болуп саналган “жөнөкөй сандар” жана “курама сандар” түшүнүктөрүн *конкреттүү-индуктивдүү* жана *абстрактуу-дедуктивдүү* методдор менен кийрүү жолдорун, алардын өзгөчөлүктөрүн жана артыкчылыктарын бөлүп көрсөтөбүз.

Түшүнүктү конкреттүү-индуктивдүү метод менен кийрүүдө түшүнүктүн аныктамасы ой-чабыттын акырында пайда болот. Окутуу процессинде мугалим окуучулар менен конкреттүү мисалдарды кароодон баштайт жана ой жүгүртүү амалдары аркылуу окуучуларда жаңы түшүнүктүн пайда болуусуна алып келет [2]. Ушундай учурда окуучулар пайда болгон жаңы түшүнүккө өздөрү аныктама бере алышат (зарыл болгон учурда мугалим тарабынан оңдолуп, толукталат). Мында “КГА” (конкреттүү, графикалык, абстрактуу) ыкмасы окуучуларда жөнөкөй жана курама сандарды жеңил түшүнүүгө шарт түзөөрүн белгилеп кетүүгө болот. Түшүнүктү абстрактуу-дедуктивдүү метод менен кийрүүдө түшүнүктүн аныктамасы окуучуларга өзгөчө даярдыксыз эле дароо берилет [2].

Ошентип, “жөнөкөй сандар” жана “курама сандар” түшүнүктөрүн калыптандырууда конкреттүү-интуктивдүү методдун, “КГА” ыкмасынын артыкчылыктарын белгилеп кетүүгө болот.

Адабияттар

1. Борбоева Г.М. Геометриялык түшүнүктөрдү кийрүүдө конкреттүү-индуктивдүү метод математик-студенттин мейкиндик ой жүгүртүүсүн калыптандыруу каражаты катары // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2022. – №3(75). – 165-169

2. Темербекова А.А. Чугунова И.В., Байгонакова Г.А.. Методика обучения математике: учебное пособие для студентов вузов, обучающихся по направлению "Педагогическое образование", - СПб.: Издателъство «Ланъ», 2015. –512 с. : ил.; 21 см.

БОЛОЧОК ИНФОРМАТИК МУГАЛИМДИН КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

Жакиева С.А.[1], Азизбек кызы Н.[2]

[1]Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Информатика жана окутуунун усулу кафедрасы, e-mail: jakieva84@mail.ru;

[2]Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Информатика жана окутуунун усулу кафедрасы, e-mail:nus0108@mail.ru

Киришүү. Макала билим берүү жана класстан тышкаркы иш-чаралардын интеграциясынын негизинде бүтүрүүчүлөрдүн жана болочок предметтик мугалимдердин коммуникациялык сапаттарын өркүндөтүү процессин талдоого арналган. Мугалимди кесиптик даярдоодо инсандар аралык, топтук жана уюштуруучулук коммуникацияларды ишке ашыруунун негизги багыттары талданган. Макаланын максаты - атайын диагностикалык инструменттерди түзүү аркылуу долбоордук иш-чаралардын негизинде коммуникативдик компетенцияларды өнүктүрүү программасынын натыйжалуулугун негиздөө болуп саналат.

Материалдар жана методдор. Изилдөөнүн теориялык этабы ата мекендик жана чет өлкөлүк педагогикалык теорияны, практиканы, стандарттарды жана жарыяланган изилдөө проблемасын чечүү тажрыйбасын талдоону камтыды. Эксперименттик натыйжалардын натыйжалуулугун тастыктоо үчүн математикалык-статистикалык талдоо ыкмалары колдонулуп, жооптордун мазмунун контенттик анализдөөнүн негизинде мугалимдин кесиптик стандартына ылайык түзүлгөн атайын диагностика түзүлдү.

Изилдөөнүн натыйжалары. Болочок информатика мугалимдин коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн мазмунунун моделин түзүүнүн негизинде класстан тышкаркы иш-чаралар үчүн 18 сааттык программа иштелип чыккан. Программанын өзгөчөлүгү ар бир иш-чарада үчкө чейин роль каралган: координатор, чыгармачыл ишмер, катышуучу.

Талкуу жана корутунду. Окуучулардын коммуникативдик сапаттарын калыптандыруу үчүн изилдөөдө аныкталган окуу жана класстан тышкаркы иштерди интеграциялоо боюнча жоболорду практикалык колдонуу педагогикалык профилдеги жогорку окуу жайынын билим берүү мейкиндигин уюштурууда ишке ашырылышы мүмкүн.. Изилдөө педагогикалык кафедралардын окутуучуларына бул окуу профили боюнча ар кандай билим берүү уюмдарынын билим берүү мейкиндигин жакшыртуу үчүн пайдалуу болот.

Адабияттар

1. Жакиева С.А. Болочок информатика мугалими: педагогикалык практика жана коммуникативдик компетенцияны калыптандыруу маселеси [Текст]/Жакиева С.А.// Наука.Образование.Техника.-Ош: КУМУ, 2024.-№1.- С. 232-238.

2. Краснов С.И., Коммуникативная компетентность в современном профессионализме педагога / С.И. Краснов, Н.В. Малышева // Инновации в образовании. - 2019. - № 8. - С. 82-88

3. КР мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. [Электронный ресурс]. – Режим доступа:https://kao.kg/wp-content/uploads/2022/08/Госстандарт-393-от-22-июля-2022-к.pdf

ВИРТУАЛДЫК ЛАБОРАТОРИЯЛАРДЫ ФИЗИКАДА КОЛДОНУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Жаманкулова Ю.Д.[1], Эрматали уулу Б.[2]

[1]Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, e-mail: Iulandadosoeva00@gmal.com;

[2]Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети, e-mail: ermatalievbayaman@gmal.com

Учурда окутуу процессинде маалымат-коммуникациялык технологиялар (МКТ) кеңири колдонулуп жатат. МКТнын негизги түрлөрүнөн виртуалдык лабораториялар математика, физика, химия, биология жана башка предметтерди окутууда негизги орунду ээлейт. Бул лаборатриянын программалык камсыздоосу компьтерде жайгашат жана атайын платформалар (Phet, VirtualLab, Chemistryin Wonderland, Zapisnyh.Narod.Ru) бар. Интерактивдүү панель же интерактивдүү досканын жардамында виртуалдык лабораторияны пайдалануу ыңгайлуу болуп эсептелет. Кадимки үч өлчөмдүү мейкиндикти элестетет.

Төмөндө лабораториянын физика жана анын бөлүмдөрү боюнча эксперименттерди жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү келтирилди.

- Жылуулук өткөрүмдүүлүк;
- Молекулалык-кинетикалык теорияны колдонуу менен физикалык эксперименттерди жүргүзүү;
- Жылуулуктун көлөмүн салыштыруу, катуу заттын салыштырма жылуулугун жана чөйрөнүн нымдуулугун өлчөө;
- Изотермалык, изохоралык жана изобаралык процесстерди изилдөө;
- Айлана-чөйрөнүн параметрлери боюнча тажрыйбалар: салыштырмалуу нымдуулук, температура жана басым [1, 2].

Лаборатриянын негизги өзгөчөлүктөрү катары төмөнкүлөр эсептелет.

- ✓ Коопсуз жана убакытты үнөмдөгө шарт түзүлөт;
- ✓ Жылуулук өткөрүмдүүлүк, нымдуулук, температура ж.б. интерактивдүү жол менен жөнгө салынат жана физиканын чыныгы мыйзамдарына баш ийет;
- ✓ Тажрыйба жүргүзүү үчүн жабдууларды сатып алуунун кереги жок. Керектүү жабдуулардын баары виртуалдык лабораториянын ичинде камтылган;
- ✓ Кайтарым байланыш түзүүнүн эффективдүү жолу;
- ✓ Лабораторияга муктаж мектептерге компьютердин жардамы менен лаборатория түзүүгө мүмкүндүк берет.

«Виртуалдык лаборатория окуучулардын активдүү ролун камтыгандыктан, алардын чыгармачылык өнүгүүсү үчүн эффективдүү натыйжа берет. Бул жерде компьютер физиканын айрым маселелерин чечүүчү каражат катары каралат” [3].

Адабияттар

1. Павлюк, А.Я. Системы электронного документооборота и управление отношениями с клиентами/А.Я. Павлюк, А.Л. Ткаченко/Томск, 13 февраля 2019 года. – Томск: Общество с ограниченной ответственностью «Дендра», 2019. – С. 95-99.
2. Кондрашова, Н.Г. 4.1. Риск-ориентированный внутренний контроль: практическая реализация/Н.Г. Кондрашова//Аудит и финансовый анализ. – 2019. – № 2. – С. 60-64.

НЕЙРОН ТАРМАКТАРЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨ КОЛДОНУУНУН АКТУАЛДУУЛУГУ

Жээнтаева Ж.К.[1], Бердибай уулу З.[2]

[1]Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Информатика жана окутуунун усулу кафедрасы, e-mail: jjk_kuu@mail.ru;

[2]Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, Информатика жана окутуунун усулу кафедрасы, e-mail: berdibaev1990@mail.ru

Изилдөөнүн максаты – билим берүүдө нейрон тармактарын колдонуунун теориясын жана практикасын изилдөө, нейрондук тармактын адаптивдик окуу чөйрөсүнүн концепциясын иштеп чыгуу.

Материалдар жана методдор. Изилдөөдө билим берүү тармагында нейрон тармактарын колдонуу боюнча библиографиялык булактарга талдоо жүргүзүлгөн. Ошондой эле нейрондук тармактын адаптивдик окуу чөйрөсүнүн структурасын моделдештирүү каралган.

Жыйынтыктар. Нейрондук тармактарды билим берүү тармагында колдонуу перспективалары каралган, анын ичинде ар кандай таануу, диагностика, классификациялоо, кластерлөө, божомолдоо, оптималдаштыруу жана башка милдеттер камтылган. Адаптивдик NeuroSmart окутуу чөйрөсүнүн структуралык модели түзүлгөн. Бул чөйрө төмөнкү маселелерди чечүү үчүн бир катар подсистемаларды камтыйт: окуучуну биометрикалык идентификациялоо; анын баштапкы деңгээлин аныктоо; адаптацияланган окутуу траекториясын тандоо; компетенцияларды калыптандыруунун учурдагы деңгээлин аныктоо; таануу технологиясын колдонуу менен студенттердин иштерин автоматташтырылган текшерүү; окутуунун жыйынтыктоочу натыйжаларын талдоо ж.б. Студенттердин адаптациялык окутуу траекторияларын куруу маселелерине нейрон тармактык моделдерин колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн жана көйгөйлөрүн изилдөө максатында нейрон тармагынын үлгү катары мисалы каралган.

Корутунду. Билим берүү тармагында нейрондук тармак технологияларын колдонуунун эволюциясынын кийинки этабы аларды жеке билим берүү траекториясын ишке ашыруунун бардык этаптарында студенттин окуусун коштоого автоматтык режимде жөндөмдүү татаал көп компоненттүү "акылдуу" Smart билим берүү системаларына интеграциялоо болот деп болжолдоого болот. Нейрон тармагынын моделдеринин негизинде билим берүү чөйрөсүн компьютердик моделдөө менен байланышкан бир катар көйгөйлөрдү аныктоого болот: нейрон тармагынын оптималдуу түзүлүшү жөнүндөгү (мисалы, тармактагы нейрондордун жана катмарлардын саны) маселеси жакшы изилдене элек, адаптацияланган билим берүү траекториясынын оптималдуулугунун так критерийлери жок. Бирок, жекелештирилген электрондук окутуунун жаңы формаларын жана технологияларын иштеп чыгуу милдети чоң суроо-талапка ээ экендигин белгилей кетүү керек, бул нейрондук тармактарга негизделген моделдештирүү өзгөчө актуалдуу экендигин билдирет.

Адабияттар

1. Интернет-портал Большая Российская энциклопедия [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://bigenc.ru/c/neironnye-seti-e734b3 (Дата доступа: 07.04.2023).

2. Глубокие нейронные сети: пути применения [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://postnaaka.ru/longreads/155983. - Дата доступа: 27 09.2021.

3. OpenAI [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://openai.com/about (Дата доступа: 05.03.2023).

БУЛУТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ МЕНЕН СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИН ТЕКШЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ

Зулпукарова Д.И.[1], Сманова Н.Т.[2], Бектемир уулу Д.[3]

[1]Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: zdamira15@mail.ru;

[2]Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: snurgultokto@gmail.com;

[3]Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: dbektemiruulu@oshsu.kg

Акыркы жылдары санариптик билим берүү системасы тез өнүгүп, жаңы технологиялар билим берүү процессине активдүү киргизилип жатат. Булут технологиялары (cloud technologies) окуу процессин жакшыртып гана тим болбостон, окуучулардын билим деңгээлин текшерүүнү жаңы деңгээлге көтөрүүдө. Бул макалада булут технологияларынын билимдерди текшерүүдө колдонулуусу жана анын артыкчылыктарын карайбыз.

Заманбап билим берүү системасы санариптик технологиялардын активдүү өнүгүшүнө шайкеш келиши керек. Бүгүнкү күндө билим берүүдө санариптик куралдардын жана платформалардын кеңири колдонулушу окуу процессин жаңы деңгээлге чыгарды. Бул өнүгүүнүн негизги багыттарынын бири — булут технологияларын колдонуу менен студенттердин билим деңгээлин текшерүү жана баалоо системасын оптималдаштыруу болуп саналат.

Булут технологиялары — бул маалыматтарды алыстан иштетүү жана сактоо үчүн колдонулуучу интернетке негизделген сервистер.

Булут технологияларынын негизги артыкчылыктарынын бири — тестирлөө процессинин автоматташтырылышы. Мугалимдер тесттерди онлайн режимде даярдап, студенттер ошол эле учурда жоопторун берип, жыйынтыктарды заматта ала алышат. Бул системалар билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана мугалимдердин убактысын үнөмдөө максатында колдонулат. Мындан тышкары, маалыматтарды булутта сактоо жана анализ жүргүзүү мүмкүнчүлүгү билим берүү процессин илгерилетүүгө шарт түзөт.

Бул макалада булут технологияларын колдонуу аркылуу билим деңгээлин текшерүүнүн артыкчылыктары жана аны кантип натыйжалуу колдонууга боло турганы тууралуу кеңири сөз болот. Макаланын максаты — булут технологияларын билим деңгээлин текшерүүдө колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү жана алардын билим берүү системасындагы ролун белгилөө.

Адабияттар

1. Шарма, П., Китченс, Ф. Л. (2004). Веб-службы архитектуры для мобильного обучения. Электронный журнал электронного обучения, 2(1), 203-216.
2. Султан, Н. (2010). Облачные технологии для образования: Новый рассвет? Международный журнал управления информацией, 30(2), 109-116.
3. Альшваер, А., Юсеф, А., Эмам, А. (2012). Новый тренд для электронного обучения в Саудовской Аравии с использованием образовательных облаков. Международный журнал передовых вычислений, 3(1), 81-97.

ИНТЕРАКТИВДҮҮ ПРЕЗЕНТАЦИЯЛАР - САБАККА КЫЗЫКТЫРУУ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

Зулпукарова Д.И.[1], Сманова Н.Т.[2], Жакыпбекова А.Т.[3], Кулчинова Г.А.[4]

[1]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: zdamira15@mail.ru;*

[2]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: snurgultokto@gmail.com;*

[3]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: atyrgult67@mail.ru;*

[4]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: kgulya1975@gmail.com*

Азыркы учурда окуучуга жеткиликтүү, терең билим берүүчү окутуунун жөнөкөй технологиясын иштеп чыгуу зарыл. Көпчүлүк мектеп окуучулары компьютер менен иштөөгө өтө берилип, ага ыктап бара жаткандыгы барыбызга белгилүү. Мугалимге караганда компьютер менен мамилелешүү алар үчүн алда канча кызыктуу туюлат. Ошондуктан, мектепте маалыматтык-коммунукациялык технологияларды сабакта колдонууну кенири жайылтуу керек.

Азыр көптөгөн мугалимдер балдарга математика сабагында стандарттуу эмес маселелерди, башкача айтканда, ой жүгүртүүнүн өз алдынчалуулугун жана таанып-билүү активдүүлүгүн калыптандырган маселелерди чечүүнү камсыз кылган окутуу технологияларын иштеп чыгууга аракеттенишүүдө.

Интерактивдүү презентациялар окуу процессин чыгармачыл жана окуучуга багыттоого жардам берет. Математика сабактарында интерактивдүү презентацияларды колдонуу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет: мультимедиялык мүмкүнчүлүктөр аркылуу окуу процессин жандуу, кызыктуу кылуу; окутуунун визуалдык көйгөйүн натыйжалуу чечүү; окуу материалын визуалдаштыруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, аны окуучуларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү кылуу.

Учурда интерактивдүү презентациялар аркылуу тапшырмаларды иштеп чыга турган платформалар колдонлууда. Атап айта тцрган болсок, Mentimeter, Peardeck, Quizziz ж.б. Аларда түзүлгөн тапшырмалар окуучулар үчүн кызыктуу болуп, жада калса пассивдүү окуучулар да өз алдынча тапшырмаларды аткарууга киришет. Сабактын ар кандай этаптарында интерактивдүү презентацияларды оозеки эсептөөдө, жаңы материалды түшүндүрүүдө; бышыктоо, кайталоо, текшерүү баскычында колдонсо болот. Алар жаңы теманы активдүү талкуулашат, ишке катышууга умтулушат, материалды тезирээк эстешет. Ошентип, интерактивдүү презентацияларды колдонуу окуучулардын билим алууга, туруктуу мотивациясын камсыз кылууга, алардын таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатууга, мугалимге балдардын предметке болгон мотивациясын жогорулатууга жардам берет.

Адабияттар

1. Баданова Н.М. Интерактивные презентации на уроке и за его пределами/ Бабанова Н.М., Баданов А.Г. Школьные технологии. - 2015. - №1.

2. Господинова Д.Г., Трифонова М.Д. Интерактивные презентации – средство создание тестов с современной образовательной среде // Успехи современного естествознания. – 2011. – №8. – С. 162-163; URL: https://natural-sciences.ru/ru/article/view?id=27786

3. Иванов И. Интерактивни презентации // Обучение. - 2010.

КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ФИЗИКАНЫ ОКУТУУ

Казыбекова Н.Ж.
К. Усенбеков атындагы Аскер институту, табигый илимий тартиптер кафедрасынын e-mail: nurjumake@gmail.com

Жылдар өткөн сайын илимге болгон кызыгуу төмөндөп, аны менен бирге билим деңгээли төмөндөгөн. Бул көйгөй илимдин татаалдыгы, визуалдык материалдын жетишсиздиги, жабдуулардын жоктугу, илимий жана кошумча адабияттардын жетишсиздиги менен түшүндүрүлөт. Натыйжада студенттердин (курсанттардын) олуттуу бөлүгү кыйынчылыктарга туш болушат жана предметке болгон кызыгуусун жоготушат.

Акыркы он жыл убакыт аралыгында билим берүү процессинде көп нерсе өзгөрдү. Ал сапаттуу өзгөрүүлөргө учурап жатат. Мисалы, доскадан баштап кодопроекторлордон жана персоналдык компьютерлерге, мультимедиялык проекторлорго, принтерлерге, интерактивдүү доскаларга, мобилдик класстары бар санариптик мектептерге, санариптик жабдууларга өтүү болду. Азыркы учурда мугалимдерге окуу материалын өздөштүрүү үчүн жаңы шарттарды түзүү керек экенине келип жеттик.

Мен сабак учурунда мындай көйгөйгө туш болуу менен бирге, физика сабактарында МКТны колдонуу студенттердин (курсанттардын) мотивациясын өнүктүрүү, алардын таанып-билүү иш-аракеттерин активдештирүү үчүн натыйжалуу фактор болуп, физикалык кубулуштарды жеткиликтүү жана түшүнүктүү кылууга мүмкүндүк берет деген жыйынтыкка келдим. Ошентип, бүгүнкү күндө курсанттардын, жеке алар эле эмес баардык студенттердин окуу жетишкендиктерин баалоодо жаңы технологияларды колдонбостон жетишүү мүмкүн эмес экени маалым болду. Бул технологияларды физика сабагында колдонуу курсанттардын когнитивдик кызыгуусун активдештирип, алардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн жолдорун жана ошондой эле ар кандай маселелерди чечүү зарылчылыгы менен түшүндүрүлөт.

Компьютердик технологияларды колдонуу студенттердин (курсанттардын) предметти терең изилдөөгө жана башталгыч көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү практикалоого мүмкүнчүлүк берүү аркылуу окуу процессин өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет. Демек, санарип технологиялары өнүгүп жаткан учура биздин мугалимдер эмне кылышы керек. ЖОЖдун жана мектептердин мугалимдеринин азыркы учурда электрондук технологиялар менен жеткиликтүү тааныш болуусу – замандын талабы.

Адабияттар

1. Александрова З.В., Анатольев В.Н., Артеменко Л.В. Уроки физики с применением информационных технологий 7-11 классы. Выпуск 2. Методическое пособие (+СД) – Планета, 2013.
2. Аствацатуров Г.О. Дизайн мультимедийного урока: методика, технологические приемы, фрагменты уроков. Волгоград: Учитель, 2014
3. Извозчиков В.А., Ревунов А.Д. Электронно – вычислительная техника на уроке физики в школе — М.: Просвещение, 1988.

МЕХАНИКА БОЮНЧА МАСЕЛЕ ЧЫГАРУУДА КОМПЬЮТЕРДИК МАТЕМАТИКАНЫ КОЛДОНУУ

Карашева Т.Т.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Математика бөлүмү, e-mail: tamara.karasheva@manas.edu.kg

Математиктер үчүн берилген Механика курсунун практикалык түзүүчүсүнүн негизиги максаты студенттердин кинематика, статика жана динамика боюнча маселе чыгаруу билгичтик жана көндүмдөрүн калыптандыруу болуп эсептелет. Маселе чыгарууда студенттер теориялык билимин колдонуп, берилиш шарттарын математикалык формага келтирип, б.а. механикалык системанын моделин түзүп, эсептеп, алынган натыйжаны чечмелөөнү үйрөнүшү керек. Студенттердин практикалык сабактарда интеллектуалдык ишмердүүлүгүн активдештирүү жана сабакка кызыгуусун арттыруу үчүн компьютердик математиканын жардамы менен маселе чыгартуу максатка ылайык. Мында аналитикалык чыгарылышы болбогон маселелердин сандык чыгарылышын таап, алынган натыйжаларды анализдөө жана сандык эксперимент жүргүзүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөндүктөн, окууда жетишүүсү жогору студенттерге индивидуалдуу тапшырма катары берип, жогорку курстарда Теориялык механика, Математикалык моделдөө сыяктуу дисциплиналарды окутууда улантып, курстук жана дипломдук иштерди аткартууга болот [1].

Биз математикалык программалык пакеттердин кеңири катарынан *WolframAlpha* жана *MATLab* программаларын тандаганыбыздын себеби, алар универсалдуу функцияларга ээ жана өздөштүрүү татаал эмес. Бир нече мисал келтирели. Механикада кызыктуу деп эсептелген “өлүм илмеги” маселеси, сүрүлүү эске алынбаган учурда, энергиянын сакталуу законунун негизинде аналитикалык жол менен чыгарылат. Ал эми сүрүлүү бар учур татаал болгондуктан, сандык чыгарылышы *MATLab*ды колдонуу аркылуу алынат. Эки шардын борбордук серпилгич кагылышуу маселеси энергиянын жана импульстун сакталуу закондоруна таянып, аналитикалык түрдө алынса, үч шар катышкан борбордук серпилгич кагылышуу маселеси сандык метод менен гана табылат. Бул эки маселеде тең механикалык системанын параметрлерин өзгөртүү аркылуу ар кандай учурларды изилдөөгө болот. *WolframAlpha* программалык пакетинин жардамы менен механикалык термелүүлөрдүн түрлөрү изилденип, берилген шарттар үчүн экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемелердин чыгарылыштары алынат [2].

Ошентип, компьютердик математиканы өздөштүрүү математик студенттердин маалыматтык технологиялык билимин арттырып, түрдүү практикалык маселелерди чечүү компетенциясын калыптандырууга жардам берет.

Адабияттар

1. Будовская Л.М., Тимонин В.И. Использование компьютерных технологий в преподавании математики//Инженерный журнал: наука и инновации, 5(2013).
2. URL: http://engjournal.ru/catalog/pedagogika/hidden/736.html
3. Карашева Т.Т. *О преемственности в изучении колебательного движения в курсах физики и теоретической механики//*Вестник Костромского Государственного университета. *Науч.-метод. журн. Серия* Педагогика. Психология. Социокинетика., 1(2023), -С.176-180.

КОЛЛЕДЖДЕРДЕ МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ БАГЫТТАЛГАН ТАПШЫРМАЛАРДЫ КОЛДОНУУ

Култаева Д.Ч.[1], Мурзабаев К.К.[2], Ахмедова Г. Нурали кизи[3]

[1]*Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы,*
e-mail: kdinara67@mail.ru;
[2]*Ош мамлекеттик университети, e-mail: kochkon_37@mail.ru;*
[3]*Ош мамлекеттик университети, магистрант, e-mail:*
gulzamalahmedova385@gmail.com

Бүгүнкү күндө орто кесиптик окуу жайлары дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин өнүгүү шартында мамлекетибиздин өнүгүүсүнө салым кошуучу, учурдун талабына ылайык кесиптик компетенттүүлүгү калыптанган болочок адистерди даярдоо үстүндө иш алып барат. Ар бир багытта окуп жаткан студенттер үчүн окуу учурундагы алган теориялык билими кесиптик ишмердүүлүгүндө чоң мааниге ээ экендиги баарыбызга белгилүү.

Коомдун өнүгүшүнүн ылдамтатылган темпи кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү жагдайга күчтүү таасир берүүдө. Ошондуктан бүгүнкү күндө заман талабына ылайык бүтүрүүчүлөрдү даярдоо максатында орто кесиптик окуу жайларында билим берүүдө компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу зарылдыгы турат. Компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруунун негизги жолдорунун бири болуп, компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонуу менен студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат.

Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар (КБТ) – студенттерде кызыгуу менен коштолгон активдүү ой жүгүртүү ишмердигин ойготот, студенттердин өздөрү тарабынан табылган ачылыштар аларда эмоционалдык канааттанууну пайда кылат жана даяр берилген билимге караганда алардын эсинде бекем сакталат. Бул активдүү ой жүгүртүү ишмердиги жаңы байланыштарды, инсандык сапаттарды, акылдын оң сапаттарынын калыптануусуна алып келет.

Бул макалада колледждерде математиканы окутууда студенттердин болочоктогу адистиктерине карап, компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонуу аркылуу сабакка болгон кызыгууларын арттырып, чыгармачыл активдүүлүктүн өнүгүшүнө өбөлгө боло тургандыгы тууралуу кеңири сөз болот. Макаланын максаты – математиканы окутууда студенттердин адистик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонуунун жолдорун көрсөтүү жана алардын окутуу процессиндеги ролун белгилөө.

Адабияттар

1. Алтыбаева, М., Аттокурова, А., Култаева, Д., ж.б. Математика боюнча компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар. – Ош: Book-дизайн, 2021. – 126 б.
2. Сооронбаева К.А. Компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар – компетенттүүлүктү калыптандыруунун каражаты катары // Известия Вузов Кыргызстана, №10 (2018), 58–61 бб.
3. Мадраимов, С. 10-11-класстын Геометрия окуу китебиндеги маселелердин чыгарылыштары. – Ош: Кагаз ресурстары, 1989. – 104 б.
4. Решение прикладных задач с помощью определенного интеграла [Электронный ресурс]. http//www.festival.1september.ru г. Нефтекамск, 2014.

МЕКТЕПТЕ АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Мадалиева С.А.[1], Жусупбек кызы Ж.[2]
[1]*Ош мамлекеттик педагогикалык университети, e-mail: smadalieva1@gmail.com;*
[2]*Ош мамлекеттик педагогикалык университети, e-mail: zhyrgal1977@gmail.com*

Адабий окуу сабагында окуучулардын предметтик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси каралган. Теориялык жана методологиялык негиздерин талдап, ошондой эле башталгыч класстарды окутууда бир канча тапшырмалар менен окутуунун натыйжаларына токтолгон. Окуучулардын окууга болгон кызыгуусун жогорулатууга, адабий окуудагы билимдерин жана көндүмдөрүн реалдуу турмуштук кырдаалдарда колдонууга, предметтик компетенттүүлүгүн калыптандырууга мүмкүндүк берери аныкталган. Сапаттуу билим берүү жана окуучуларды заманбап дүйнөдө жашоого даярдоо үчүн билим берүү процессине интеграциялоонун маанилүүлүгү белгиленген. Ошол эле учурда окуучулар адабий окуу сабагында жаңы методдорду гана үйрөнбөстөн, жаратылышты сүрөттөгөн ырларды окуу менен жаратылышты сүйүүгө, аларды коргой билүүгө жана мекенчилдикке тарбияланат.

Предметтик стандарттар боюнча, сабак берген мугалимдер предметтери боюнча өз убагында семинар-тренингдерден өтүп, окуу методикалык комплексттерди, усулдук колдонмолорду мугалимдер үчүн да окуучулар үчүн да даярдашып, колдонушса андан алган билимин окуучулар жашоо-тиричилигинде колдоно алса, анда окуучунун предметтик компетенттүүлүктөрү камсыздалат деп ойлобуз.Башталгыч класстардын сабактарында интерактивдүү окутуу технологияларын колдонсо, анда окуучулар маалыматты өз алдынча табууга жана иштеп чыгууга үйрөнүшөт. Бул алардын андан аркы окуусуна оң таасирин тийгизет. Интерактивдүү технологияларды колдонуу балдардын маалыматты жакшыраак кабыл алуусуна жана алардын универсалдуу окуу иш – аракеттерин үйрөнүү жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт

Адабияттар

1. Анна Мруз Устойчивое развитие в учебных программах средних школ / Анна Мруз, Ивона Оцеткевич и д.р. // Вопросы образования/Educational Studies Moscow, 2020 г . 23-б
2. Дүйшенова Ж.К. Жоопкерчиликтүү керектөө жана айлана-чөйрө. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо / Ж.К. Дүйшенова, К.К. Джунушалиева, У.Э. Мамбетакунов. – Б.:, 2020ж. 48 - б.
3. Зайцева Н.Ю. Формирование предметных компетенций у младших школьников на уроках математики / Н.Ю. Зайцева, Т.В. Захарова, Т.В. Качурина // Научное обозрение. Педагогические науки. – 2017. – № 6-2. – С. 237-245;
4. Орозова Р.А Башталгыч мектептеги чыгармачылык жана күн сайын жазуу / Р.А. Орозова, М.М. Эсенгулова, М.К Фадеева. – USAIDдин “Окуу керемет!” долбоору 2021ж .166- б.
5. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү “Балалык” программасына методикалык сунуштар. – Б.: Аркус бас, 2017ж. 328 -б.

МЕКТЕП КУРСУНУН МАТЕМАТИКАСЫ БОЮНЧА СТАНДАРТТУУ ЭМЕС МАСЕЛЕЛЕР, АЛАРГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР ЖАНА ФУНКЦИЯЛАР

Мадраимов С.[1], Белек кызы Ч.[2]
[1]ОшМПУнун, жогорку математика жана математиканы окутуунун усулу кафедрасы, e-mail: madraimov.saparbek@mail.ru;
[2]ОшМПУнун колледж, e-mail: cbelekkyzy@mail.ru

Мектеп курсунун математикасы боюнча стандарттуу эмес маселенин ар түрдүү окумуштуулар берген аныктамаларына көңүл бурулуп, стандарттуу эмес маселе дегенге аныктоо берүүгө аракеттер жасалды. Ошондой эле стандарттуу эмес маселелердин ролу баса белгиленди. Стандарттуу эмес маселелерге мисалдар келтирилип, аларга коюлуучу айрым талаптар белгиленди.

Заманбап билим берүүнүн максаттарынын бири – окуучулардын инсандыгын өнүктүрүүгө басым жасоо. Айрыкча математиканы окутууга карата бул окуучунун ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө басым жасоо керек дегенди билдирет. Математиканы окутуунун зарыл өнүктүрүүчү эффектине жетишүү окуу процессин интенсификациялоого көмөктөшүүчү активдүүлүккө негизделген мамилени ишке ашыруунун негизинде мүмкүн болот. Бул ыкма даяр билимди гана эмес, математикалык билимдерди өздөштүрүү боюнча иш-аракеттерди, математикада колдонулган ой жүгүртүү ыкмаларын үйрөтүүнү камтыйт; окуучулардын математикалык фактыларды жана алардын далилдерин өз алдынча ачууга, маселелерди чечүү жолдорун, өзгөчө стандарттуу эмес маселелерди чечүүгө түрткү берүүчү педагогикалык кырдаалдарды түзүү. Психологиялык-педагогикалык адабияттарды жана педагогикалык тажрыйбаны талдоо стандарттуу эмес маселелерди чечүүнү үйрөтүү математиканы окутуунун манилүү аспектиси экенин көрсөтүп турат. Стандарттык эмес маселени чечүү окуучу үчүн окуу ишинин маанилүү түрү болуп саналат, анын жүрүшүндө математикалык ой жүгүртүүсү жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгү өнүгөт, бул албетте математиканы окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

Адабияттар

1. Алгебра 7- кл. Макарычев Ю.Н, Миндюк Н.Г., Нешков К.И. Просвещение - 2003год.
2. Алгебра 8- кл. А. Байзаков ж.б. Бишкек-2009.
3. Балаян Э.Н 1001 олимпиадная и занимательная зада по математика.Ростов н/ Д: Феникс, 2007.
4. Крутецкий В.А Психология математических способностей школьников.-М.: Просвещение,1968.
5. Пойа Д. Как решать задачу . - М., 2005 .
6. Поисковые задачи по математике ум в порядок приводить. - Минск: Вышэйшая школа, 1991.
7. Тихомиров О.К Психология мышления. М., Изд.: Центр "Академия", 2002.
8. Фридман Л М.,Турецкий Е.Н. Как научить решать задачи. Пособие для учащихся. - М.: Просвещение, 1984.

ВЕКТОРЛОРДУН ТУРМУШТА КОЛДОНУЛУШУ

Мамыргазы кызы К.
Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы,
e-mail: kmamyrgazykyzy@oshsu.kg

Бул макаланын актуалдуулугу бүгүнкү күндө математиканы окутууда ар бир терминдин, теманын жашоодогу орду, турмушта колдонулушун балдарга көрсөтүп окутсак эсинде калат жана өз алдынча изилдөөнүүгө, чыгармачылык менен иштөөгө түрткү берет. Математиканы окутууда анын ичинде "вектор" түшүнүгүн окутууда турмушта колдонулушу, жашоодогу орду жөнүндө кенен каралган эмес.

Макалада векторлорду колдонуу чөйрөлөрүнүн ар турдүүлүгү менен байланышкан. Вектор түшүнүгү заманбап алгебра жана геометрия, функция теориясы жана ыктымалдуулуктар теориясы сыяктуу эле математиканын көптөгөн колдонмолорунда колдонулат. Жашообузда векторлор күн сайын жолугуп, бизге жардам берээри да анык. Математика сабагында талкууланган «вектор» деген негизги түшүнүк көптөгөн илимдерде түрдүү процесстерди жана кубулуштарды моделдөө үчүн колдонулаарын анык. Бул бул түшүнүк бардык техникалык кесиптерге, информатикага, медицинага, химияга, жалпы биологияга, физикага жана башка илимдер бөлүмдөрүндө андан ары изилдөө үчүн негиз болуп саналат.

Мисалы, "вектор" түшүнүгү жалпы биологияда бул сөз паразитти бир организмден экинчи организмге өткөрүүчү организмди билдирет. Кене энцефалит оорусун козгоочу вирустун алып жүрүүчүсү. Генетикада вектор генетикалык материалды башка клеткага өткөрүү үчүн колдонулган нуклеин кислотасынын молекуласы. Вектордук организмдердин жардамы менен ар кандай дарылар, анын ичинде антибиотиктер жана адамга керектүү ферменттер (инсулин) синтезделет. Азыр адамдын гранулоциттеринин колониясын стимулдаштыруучу факторду коддоочу генди жилик чучугунун клеткаларына жеткирүү үчүн вектордук модель түзүлдү. Бул белок жилик чучугунун клеткаларынын өмүрүн узартат жана жетилген нейтрофилдердин функционалдык активдүүлүгүн жогорулатат.

Векторлор математикада гана эмес, физикада да күчтүү курал болуп саналат. Вектор түшүнүгү чоңдуктары жана багыттары менен мүнөздөлгөн объекттер менен күрөшүүгө туура келген жерде пайда болот. Көптөгөн физикалык чоңдуктар, мисалы, күч, ылдамдык, ылдамдануу сандык мааниси менен гана эмес, багыты менен да мүнөздөлөт. Бул чоңдуктарды багытталган сегменттер түрүндө көрсөтүү абдан ыңгайлуу.

Адабияттар

1. Атанасян Л. С., В.Ф.Бутузов, С.Б.Кадомцев ж.б. Геометрия 10-11. Москва, «Просвещение», 2013-ж., 285б.
2. И. Б. Бекбоев, А. А. Бөрүбаев, А. А. Айылчиев Геометрия 7-9, Бишкек, 2015-ж., 179б.
3. М. Койчуманов, О. Сулайманова, Физика 10, Бишкек 2008, 9б.
4. Уиллет Э., Генетика без тайн; М.: «Эксмо», 2008, 224б.
5. Тейлор Д., Грин Н., Стаут У., Биология. Т.3; М.: «МИР», 2006, 451б.

МАТЕМАТИКА ПРЕДМЕТИН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН ОПТИМАЛДУУ ЖОЛДОРУ

Мурзабаев К.К.[1], Төлөнбаева А.Ж.[2]

[1]*Ош мамлекеттик университети, e-mail:* kochkon_37@mail.ru

Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутуу ишинде окуучулардын чыныгы турмуш менен болгон байланышы жана турмуштук тажрыйбаны пайдалана билүүсү теориялык жыйынтыктарды чыгаруунун гана иллюстрациясы болбостон, жаңы билим алуунун булагы жана интеграцияланууучу темадагы маселелерди чечүүнүн практикалык каражаты катарында кызмат кылат. Ошондуктан чыныгы турмуш менен болгон байланыш предметтерди интеграциялап окутуудагы абалдарды жаратуунун башкы каражаты жана тикеден-тике же кыйыр түрдө интеграциялап окутуунун тууралыгынын чечимин баалоонун критериясы болот. Интеграциялап окутуунун дагы бир өзгөчөлүгү мугалим тарабынан окуучуларды ар кандай өз алдынча иштөөлөрүнүн типтеринин жана түрлөрүнүн системалуу жана эффективдүү түрдө айкалышуусу болуп саналат. Бул өзгөчөлүктүн мааниси интеграциялаштыруунун этабында мурунку өздөштүрүлгөн материалдарды окуучулардын өз алдыларынча айкалыштыра билүүлөрүн, ошого карата иштөөнүн каражаттарын мугалимдин уюштура билүүсүндө турат. Интеграциялап окутууда окуучунун жаңы билимди репродуктивдүү жана чыгармачылык менен өздөштүрүүсүнүн карым-катнашы, бири-бирине жооп берип турушу анын таанып билүүчүлүк чыгармачылыгын күчөтүүгө жардам берет [1].

Ошентип, интеграциялап окутуунун биринчи өзгөчөлүгү терең билим алууну камсыз кылышы, экинчиси ишенимдин тереңдиги, үчүнчүсү ошол алган билимди турмушта пайдалана билүүсү болуп эсептелет. Бул үч өзгөчөлүк өтө оор социалдык мааниге ээ болот жана орто мектептердин алдына коюлган негизги милдеттерди иш жүзүнө ашырууну камсыз кылат. Интеграциялап окутуунун бул системасында окутуунун ар кандай типтеринин айкалышы жана өнүгүшү да мүмкүн. Интеграциялап окутууну уюштуруу негизинен жаңы материалды өздөштүрүү, жаңы илимий түшүнүктөрдү калыптандыруу сыяктуу дидактикалык максаттан келип чыгат. Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутууга мүмкүнчүлүк болсо да окуучулардын алган билимдерин бекемдөө жана пайдалануу навыктарын өстүрүү жумуштары азыркы учурдагы мектептерде традициялык ыкмалар аркылуу иш жүзүнө ашырылып келе жатат. Интеграциялап окутуу процессинде жаңы билимди өздөштүрүүнүн элементтери жана аны кайталоо, бекемдөө иштери көпчүлүк учурда бир бүтүнгө биригип кетет да, интеграциялап окутуунун бирден-бир негизги процесси катарында эсептелет. Ошондуктан чыныгы өздөштүрүү, түшүндүрүү процессинде эмес, окуучулардын жаңы материал боюнча өз алдынча эсептөө жүргүзгөн көнүгүүлөрдүн натыйжасында пайда болот. Интеграциялап окутууда тандалып алынган темалардагы айкалыштырылуучу материалды өздөштүрүү процессинин өзү ошол эле мезгилде окуучулардын ошол материалды өз алдыларынча анализдөө, кеңейтүү, стимулдаштыруу жана системалаштыруу процесси да болуп эсептелет [2].

Адабияттар

1. Бекбоев,И.Б. (2015).Инсангабагыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек, «Улуутоолор» 384 б.

2. Мурзабаев К.К., Калдыбаев С.К. Математика предметин табигый илимдер предметтери менен интеграциялап окутуунун артыкчылыктары / К.К. Мурзабаев // ALATOO ACADEMIC STUDIES . – Бишкек, 2020. – №2. – С. 35 – 42

АЙЫЛДЫК МЕКТЕПТЕ МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫ

Оморов Ш.Д.[1], Эргешова А.[2]

[1]*Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы,*
e-mail: shomorov@oshsu.kg

[2]*Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы, магистрант*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Математикалык билим берүүнү өнүктүрүү концепциясында» чагылдырылган. математикалык билим берүү «ар бир окуучуга коомдо мындан аркы ийгиликтүү жашоо үчүн зарыл болгон математикалык билим деңгээлине жетүү мүмкүнчүлүгүн берүү, ар бир окуучунун интеллектуалдык активдүүлүгүн жеткиликтүү деңгээлде өнүктүрүүнү камсыз кылуу» керек.

Аларды математикалык түшүнүктөрдү көрүүгө жана бизди курчап турган реалдуу дүйнөдө математикалык мыйзамдардын иштешин түшүнүүгө, аларды кубулуштарды илимий түшүндүрүүгө колдонууга, акырында жөн эле иштей билүүгө үйрөтүү маанилүү. Анда математикалык билим берүүнүн сапатына таасирин тийгизген айылдык мектепте эмнени жакшыртуу керек?

Бардык мектептик билим сыяктуу эле мектепте математикалык билим берүүнүн сапаты төмөндөгүлөргө байланыштуу экени айдан ачык: - окуу-тарбия процессине тартылган педагогикалык жамааттын потенциалынын сапатына; - окуу процессинин каражаттарынын сапаты (материалдык-техникалык, лабораториялык жана эксперименталдык база, окуу-методикалык камсыздоо, окуу кабинеттери, берилүүчү билимдер ж.б.); - билим берүү технологияларынын сапаты; - билим берүү системаларын жана процесстерин башкаруунун сапаты (билим берүүдөгү башкаруу технологиялары).
Келгиле, конкреттүү түрдө карап көрөлү, эгерде окуучулар гана эмес, математика мугалимдери да билим берүү процессинин катышуучусу катары белгилүү жетишкендиктерге ээ болсо, анда математикалык билимди сапаттуу деп айтууга болот.

Адабияттар

1. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты [Текст]// Кыргыз Республикасынын билим берүү кызматкерлеринин кол китеби. – Б.: 2015. – 93 - 110 бб.
2. Бекбоев, И.Б. О школьном математическом образовании и учебниках как проблема теории и методики обучения математике[Текст]/ И.Б. Бекбоев// Вестник КГУ им. Арабаева. – Бишкек, 2014. – №26. – С.9-11.
3. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек, 2004. – 342 б.

КУБКА БАЙЛАНЫШКАН МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА АЛАРДЫН ЧЫГАРЫЛЫШЫ

Омошев Т.Т.[1], Куваков Ж.[2], Сулайманова Д.К.[3]
[1]*К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, педагогика кафедрасы, e-mail: tolomo@mail.ru;*
[2]*Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, e-mail:;*
[3]*К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, педагогика кафедрасы, e-mail: dilsk@mail.ru*

Куб (Гексаэдр) – бирдей чендеги 6 квадраттын биригүүсүнөн алынган мейкиндиктин бөлүгү болгон көп грандык. 1+2+3=1·2·3=6. **6 кемтиксиз сан**, анткени ал өзүнүн бөлүүчүлөрүнүн суммасына барабар. Биз төмөндөгүдөй лабораториялык иштерди ар бир окуучу менен бирге жасоого аракет жасап көрөлү. Узундугу 1 ге барабар болгон 12 кесиндини алып, аларды 3 ченемдүү (узуну, туурасы, бийиктиги) болгондой пластилин менен туташтырабыз. Анда биз кубдун моделин (каркасын) түзгөн болобуз. Түзүлгөн моделден кубдун 8 чокусу, 12 кыры жана 6 бети бар экендигин көрө алабыз б.а. $n_ч$=8, $n_к$=12, $n_б$=6. А эгерде кыры 1 дм ге барабар болгон 6 квадратты клей менен бириктирсек, анда биз куб формасындагы фигураны колубузга кармап көргөн болобуз. Муну менен биз окуучулардын мейкиндик элестөөлөрүн калыптан дыруу максатын ишке ашырууну багыттап, алардын аң сезимине куб форма сын ар тараптан кароо аркылуу адаптациялоо жумушун жасаган болобуз. Нечендеген фигуралардын ичинен кубду адашпай таап чыгууга көнүктүрүү машыктыруу болуп саналат.

Жасалган кубду, тескерисинче жайылмасын карасак, кубдун жайыл масы 6 квадраттан куралгандыгын окуучулар өз көздөрү менен көрүшүп ынанышат. Куб кандай элементтерден турат? деген суроого: 8 чокусу, 12 кыры, жагы 6 (квадраттык) беттен куралган жөнөкөй көп грандык деп окуучулар жооп бере алышат. Кубдун чиймесин чакмак баракка сызуу, бирдей узундуктагы чийлерден каркасын жасоо, бирдей квадраттардан түзүү окуучулардын ишмердүүлүгүн жогорулатат. Ошондой эле ички диагонал дарын, каптал грандарынын диагоналдарын, диагоналдык кесилиштерин, кубдун борбору жана негиздери аркылуу өткөн октун айланасында айландыруудан пайда болгон (кубдун сыртына жана ичине) шарды элестете алышат. Ошондой эле куб чиймеде, каркасы, куралуу айырмачылыктарын жана окшоштук жактарын өздөрү аныкташат.

Бул окуучулардын мейкиндик элестөөлөрүн өрчүтүүгө, алардын байланышын, айырмачылыгын, окшоштугун, айырмачылыгын жана эсептөөнү так жүргүзүүгө, ойлонууга, табууга, жаңы фигураны түзүүгө көмөкчү болот - деген үмүт-тилек менен аткарып келүүдөбүз.

Адабияттар

1. Бекбоев И. Геометрия 10 -11. Бишкек «Педагогика» 2003.
2. Бекбоев И., Абдиев А., Айылчиев А.,.Салыков С. Геометрияны 7-9-класстарда окутуу. Бишкек. «Педагогика» 2003.
3. Бекбоев И., Абдиев А., Айылчиев А., Салыков С., Ыбыкеева Ж. Геометрияны 10-11-класстарда окутуу. Бишкек. «Педагогика» 2003.
4. Г.И.Глейзер История математики в школе 7-8 классы Москва «Просвещение" 1982
5. К.А.Малыгин Элементы историзма в преподавании математики в средней школе Учпедгиз Москва 1963.

PYTHON ТИЛИНИН КИТЕПКАНАЛАРЫН САНДЫК МЕТОДДОРДО КОЛДОНУЛУШУ

Пирматов А. З.[1], Биримкулов Ш. К.[2]
[1]*Ош мамлекеттик университети, колдонмо математика информатика жана графикалык дизайн кафедрасы, e-mail: pirmatov@oshsu.kg;*
[2]*Жалал-Абад мамлекеттик университети, e-mail: shamshar.1963@gmail.com.*

Python жөнөкөйлүгү, окулушу жана китепканалардын бай топтому үчүн сандык ыкмаларда кеңири колдонулат. Бул илимий эсептөөдө, инженерияда жана маалыматтарды талдоодо өзгөчө популярдуу. Бул макалада Python сандык ыкмалар колдонулган негизги багыттарга токтолуп, ар бир багыт үчүн конкреттүү мисалдар каралган.

1. Илимий изилдөөлөр. *NumPy* көп өлчөмдүү массивдер жана матрицалар менен иштөө үчүн негизги китепкана.
2. Математикалык моделдештирүү. *SciPy* китепканасы *NumPy* мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет жана сызыктуу алгебра маселелерин, оптималдаштыруу, интеграциялоо жана башка сандык маселелерди чечүү үчүн функцияларды камсыз кылат.
3. Берилгендер менен иштөө. *Pandas* бул таблица форматындагы маалыматтарды иштеп чыгууну жана талдоону жеңилдеткен маалымат илим китепканасы.

4. Теңдемелердин сандык чечимдери. *SymPy* – теңдемелерди чечүүгө, туюнтмаларды жөнөкөйлөтүүгө жана башка символикалык операцияларды аткарууга мүмкүндүк берген символикалык эсептөө китепканасы.
5. Машиналык окутуу жана статистика. *Scikit-learn* - бул моделдерди окутуу, аларды баалоо жана мыкты параметрлерди тандоо үчүн куралдарды камтыган машина үйрөнүү китепканасы.
6. Берилгендерди визуалдаштыруу. *Matplotlib* жана *Seaborn* статикалык, жандуу жана интерактивдүү сюжеттерди түзүү үчүн китепканалар.
7. Паралелдүү эсептөөлөр. *Dask* жана *Joblib* мультипроцессордук жана кластердик ресурстарды эффективдүү пайдаланууга мүмкүндүк берген бөлүштүрүлгөн жана параллелдүү эсептөөлөр үчүн китепканалар.

Жыйынтыктап айтканда, Pythonду илимий жана инженердик долбоорлорго киргизүү алардын натыйжалуулугун жогорулатат, иштеп чыгууну тездетет жана алынган натыйжалардын тактыгын жогорулатат.

Адабияттар

1. Гвидо ван Россум. (2020). Python.org. https://www.python.org/doc/essays/
2. МакГроу-Хилл. (2021). "Python for Data Science Handbook" by Jake VanderPlas. https://jakevdp.github.io/PythonDataScienceHandbook/

MS OFFICE EXCEL ПРОГРАММАСЫНЫН ЖАРДАМЫНДА ФУНКЦИЯНЫН ГРАФИГИН ТУРГУЗУУ

Раимжанова А.Т.[1], Мамыргазы кызы К.[2]

[1]*Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрас, e-mail: aisuluu1711@gmail.com;*

[2]*Ош мамлекеттик университети, математика жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасы, e-mail: kmamyrgazykyzy@oshsu.kg*

Бүгүнкү күндө билим берүү жаатында компьютердик технологияларды колдоно билүү көндүмү абдан маанилүү ролду ээлегени байкалууда. Макалада Microsoft Office Excel программасынын жардамы менен математикалык функция бөлүмүнө берилген маселелердин графиктерин тургузуудагы мүмкүнчүлүктөр каралат.

Функциянын графиги деп – кандайдыр бир математикалык туюнтманын графикалык көрүнүшүн айтабыз. Азыркы учурда, маалымат технологиялары маалыматтарды иштеп чыгууда жана талдоодо негизги ролду ойноп, маалыматты визуализациялоо жөндөмү маанилүү көндүм болуп калды. Графиктерди жана диаграммаларды түзүү үчүн кеңири таралган куралдардын бири MS Office Excel программасы. Excel аркылуу керектүү маанилерди алмаштыруу менен автоматтык түрдө эсептөөлөрдү жүргүзсөк болот.

MS Excel ошондой эле маалыматтарды талдоо куралдарынын кеңири спектрин камсыз кылат, бул колдонуучуларга тереңирээк талдоо жүргүзүүгө жана негизделген жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

Excelде түзүлгөн функциялык графиктер башка документтерге жана презентацияларга оңой киргизилет, бул натыйжаларды көрсөтүү жана башкалар менен баарлашуу үчүн ыңгайлуу шарт түзөт. Ошентип, функциялардын графиктерин түзүү үчүн MS Office Excel ар кандай татаалдыктагы функциялардын графиктерин түзүү үчүн универсалдуу курал.

Адабияттар

1. Абжапарова Ү.А. “Microsoft Excel” боюнча практикум (окуу куралу)/ Абжапарова Ү.А., Садыкова Э.Э., Шакиров К.К. – Ош: 2007, 93б.
2. Шамарина Т. График функции в Excel: как построить? https://pedsovet.su/excel/5883_grafik_funkcii
3. Как построить график функции на Excel: подробное руководство
4. https://uchet-jkh.ru/i/kak-postroit-grafik-funkcii-na-excel-podrobnoe-rukovodstvo/
5. Бурлакова И.О. СПОСОБ ПОСТРОЕНИЯ ГРАФИКА ДЛЯ ИЗУЧЕНИЯ РЕЗОНАНСА В ПАКЕТЕ "MICROSOFT EXCEL" 2010 // Вестник науки. 2019. №12 (21). [Электрондук ресурс]. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/sposob-postroeniya-grafika-dlya-izucheniya-rezonansa-v-pakete-microsoft-excel-2010 (дата обращения: 11.05.2024).

PYTHON ПРОГРАММАЛОО ТИЛИНИН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ КОЛДОНУУ

Тажикбаева С.Т.[1], Айтбай кызы А.[2]

[1]*Ош мамлекеттик университети, Информациялык системалар жана технологиялар кафедрасы, e-mail: stajikbaeva@oshsu.kg;*

[2]*Ош мамлекеттик университети, Информациялык системалар жана технологиялар кафедрасы, e-mail: 79aaika@mail.ru*

Python тили - эң популярдуу, жогорку деңгээлдеги программалоо тилдеринин бири. Ал информациялык технологиялардын түрдүү тармактарында кеңири колдонулуп келет. Мисалы, веб-иштелме түзүүдө, машиналык окутууда, тиркемелерди түзүүдө, ж.б.

Python программалоо тилинин артыкчылыктарынын бири - анын синтаксисинин жөнөкөйлүгүндө. Берилгендердин тибин аныктоо, аларды жарыялоо, программанын кодун жазуу жана аны окуу, ж.б. процедуралар Python программалоо тилинде өтө жөнөкөй жана жеңил аткарылат [2].

Python программалоо тили бир топ артыкчылыктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ. Бул тилди үйрөнүүгө жөнөкөй жана анын синтаксиси башка программалоо тилдерине караганда өзгөчө жеңил, каалагандай маселени чечүү үчүн зарыл болгон инструменттердин тобуна ээ. Python тилинде коддорду жазуу жеңилдетилген жана төмөнкү өзгөчөлүктөр аркылуу иштелмени тез убакытта даярдоого мүмкүн [3].

Ушул артыкчылыктары жана мүмкүнчүлүктөрү менен Python тилинин колдонууучуларынын саны күндөн-күнгө арбып барат жана колдонулуу чөйрөсү кеңейүүдө. Python программалоо тилинде түрдүү маселелерди чечүү үчүн өтө көп сандагы даяр библиотекалар бар. Алардын ичинен бир нече популярдуу библиотекаларды белгилеп кетели:

- Pygame. Чоң эмес оюндарды жана мультимедиалык тиркемелерди түзүү үчүн библиотека;
- NumPy. Машиналык окутуу жана жасалма интеллект менен иштөөгө библиотека;
- Pandas. Көлөмдүү берилгендер менен иштөөгө библиотека, ж.б.

Аталган библиотекаларды “Экономикалык системаларды программалоо” дисциплинасынын лабораториялык сабактарында татаал прикладдык маселелерди чечүүнү автоматташтырууга болот. Мисалы, сызыктуу программалоо маселесин чечүүнүн симплекстик методунун колдонулушу студенттер үчүн бир топ татаал. Симплекстик методду Python тилинде программалаштыруу менен бул татаалдыкты жоюуга жана маселенин геометриялык талкууланышын көрүүгө болот. Демек, Python программалоо тилинин мүмкүнчүлүгүн окутуу процессинде колдонуу менен сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүн.

Адабияттар

1. Поляков К.Ю. Язык Python глазами учителя//Информатика. 2014. № 9. С. 4-16.
2. Сорокина Н.А. Python как основной язык программирования в средней школе // Молодой ученый. 2019. № 5 (243). С. 15-16.
3. Федоров, Д. Ю. Программирование на языке высокого уровня Python: учеб. пособие для прикладного бакалавриата / Д. Ю. Федоров. — 2-е изд., перераб. и доп. — М. : Издательство Юрайт, 2019. — 161 с. — (Серия : Бакалавр. Прикладной курс).

ОРТО МЕКТЕПТЕ ФИЗИКАНЫ ОКУТУУДА КӨРСӨТМӨЛҮҮ ЭКСПЕРИМЕНТТИН РОЛУ

Эгемназарова А.Ж.[1], Молдоярова Ж.Б.[2], Токтобек уулу А.[3]
[1]*Ош мамлекеттик университети, e-mail: egemay_65@mail.ru*
[2]*Ош мамлекеттик университети, e-mail: moldoyarovajb@mail.ru*
[3]*Ош мамлекеттик университети, магистрант, e-mail: toktobekuulu2105@mail.ru*

Мектепте билим берүү системасында физика өзгөчө орунду ээлейт. Ал табияттын негизги закондорун түшүнүүгө гана мүмкүндүк бербестен, аналитикалык ой жүгүртүүнү, көйгөйлөрдү чечүү жана негиздүү чечимдерди кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрөт. Физикалык билим берүү эксперимент жүргүзүү аркылуу окутуу менен башка предметтерден айылмаланып турат. Физиканы окутуунун негизги методдорунун бири – көрсөтмөлүү эксперимент болуп саналат. Бул эксперименттер окуучуларга теориялык концепцияларды иш жүзүндө көрүүгө мүмкүндүк берип, окутууну кызыктуу жана натыйжалуу кылат. Билим берүүнү санариптештирүү доорунда физиканы окутуудагы көрсөтмөлүү экспериментти туура тандай билүү, ал эксперименттин сабакка тиешелүүлүгүн аныктоо менен окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүү проблемалары турат.

Адабияттар

1. Бабаев, Д. Подготовка будущих учителей к образовательным технологиям обучения [Текст]: / Д.Бабаев // Личность и воспитание: роль образовательных технологий в шк.: материалы Междунар. науч. конф. – Ош, 2001. – Ч. 1. – С.70-74.
2. Омаралиева З. И., Эгемназарова А. Ж. Компьютердик технологиянын негизинде физика мугалимдерин дифференцирлеп окутууга даярдоо// Ош, 2013, - 87 б
3. Мамбетакунов, У.Э. Методика изучения физических законов в средней школе [Текст]: / У.Э.Мамбетакунов. – Бишкек: КНУ, 2003. – 164 с.

FROM THE BEGINING TO ERASMUS+: SOME REFLEXIONS ON A PARTICULAR CASE OF COOPERATION

Rogeon, Philippe
University of Poitiers, Faculty of Economics, Laboratory of Mathematics and Applications, philippe.rogeon@univ-poitiers.fr

We begin by some historical recalls, specially about the construction of the Erasmus system of cooperation in the field of education. We then focus on the particular case of the french university of Poitiers, which has decided to build ans develop a cooperation with Central Asian countries, and wins regularly an important part of the European founds of the IMC (International Mobility Credit) program. We'll show some points of comparison between the education systems, with testimonials of students.

SOME RESULTS AND CONJECTURES ON POSETS OF PARTIAL DECOMPOSITIONS

Volkmar Welker
Philipps-Universitaet Marburg, Germany, e-mail: welker@mathematik.uni-marburg.de

A partial decomposition of a finite dimensional vector space V is a collection of subspaces different from 0 and V which are in direct sum. All partial decompositions ordered by refinement provide an example of a partially ordered set. In this talk we generalize this construction to the setting of matroids and present a few results and conjectures about the Moebius numbers of the resulting posets.

ОПТИМИЗАЦИЯ СКЛАДСКОГО УЧЕТА С иСПОЛЬЗОВАНИЕМ ТЕХНОЛОГИЙ ИНТЕРНЕТА ВЕЩЕЙ И ПЛАТФОРМЫ .NET

Аркабаев Н.К.[1], Орозбаева А.С.[2], Наралиев Т.А.[3]
[1]*Ош мамлекеттик университети, narkabaev@oshsu.kg,*
[2]*Ош мамлекеттик университети, nazarbekkyzytansuluu@gmail.com*
[3]*Ош мамлекеттик университети, aigerim.orozbaeva@gmail.com*

В статье исследуется применение технологий Интернета вещей (IoT) и платформы .NET для оптимизации складского учета. Рассматривается интеграция IoT-устройств, таких как RFID-метки, сенсоры и камеры, в складскую инфраструктуру для сбора данных в реальном времени. Анализируются возможности платформы .NET для разработки масштабируемых решений по обработке и анализу данных IoT. Описывается многоуровневая архитектура системы, включающая уровни IoT-устройств, шлюзов, облачной инфраструктуры и приложений. Рассмотрены практические результаты внедрения, включая автоматизацию инвентаризации, оптимизацию размещения товаров и улучшенное управление цепочками поставок. В заключение представлены перспективы дальнейшего развития технологий в области складского учета и предложены направления для будущих исследований. Проведен комплексный анализ применения технологий Интернета вещей (IoT) в сочетании с платформой .NET для оптимизации процессов складского учета.

Прежде всего, интеграция IoT-устройств в складскую инфраструктуру открывает беспрецедентные возможности для сбора данных в реальном времени. RFID-метки, сенсоры, камеры и другие IoT-устройства обеспечивают постоянный поток информации о местоположении товаров, условиях хранения и перемещениях на складе. Эти данные, при правильном анализе, становятся основой для принятия обоснованных управленческих решений и оптимизации складских операций.

В заключение стоит отметить, что успешное применение IoT и .NET в складском учете требует не только технологических инноваций, но и изменения подходов к управлению и организации бизнес-процессов. Компании, которые смогут эффективно интегрировать эти технологии и адаптировать свои операционные модели, получат значительное конкурентное преимущество в rapidly меняющемся ландшафте современной логистики и управления цепочками поставок.

Литература

